# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 39
# *“Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо”*

1 [Алып салынган]

## Колдонуу чөйрөсү

**2 Ушул стандарт бардык ишканалар тарабынан *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9дун колдонуу чөйрөсүнө кирген бардык финансылык инструменттерге карата жана төмөнкүдөй баскычта колдонулушу керек:**

**(a) ФОЭС (IFRS) 9 ушул стандарттын хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын колдонууга уруксат берет; жана**

**(b) финансылык инструмент ушул стандартка ылайык хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарына жооп берген хеджирлөө мамилесинин бир бөлүгү болуп саналат.**

2А–7 [Алып салынган]

## Аныктамалар

8 ФОЭС (IFRS) 13тө, ФОЭС (IFRS) 9да жана ФОЭС (IAS) 32де аныкталган терминдер ушул стандартта ФОЭС (IFRS) 13түн А тиркемесинде, ФОЭС (IFRS) 9дун А тиркемесинде жана ФОЭС (IAS) 32нин 11-пунктунда көрсөтүлгөн маанилерде колдонулат. ФОЭС (IFRS) 13, ФОЭС (IFRS) 9 жана ФОЭС (IAS) 32 төмөнкү терминдерге аныктама берет:

- финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркы
- таанууну токтотуу
- туунду инструмент
- натыйжалуу пайыздык ставка методу
- натыйжалуу пайыздык ставка
- үлүштүк инструмент
- адилет нарк
- финансылык актив
- финансылык инструмент
- финансылык милдеттенме

жана ушул аныктамаларды колдонуу боюнча көрсөтмөлөрдү берет.

**9 Ушул стандартта көрсөтүлгөн маанидеги төмөнкүдөй терминдер колдонулат:**

### Хеджирлөөнү эсепке алууга байланышкан аныктамалар

***Бекемделген келишимдик милдеттенме* – белгилүү сандагы ресурстарды, белгилүү баада белгилүү күндө же күндөрдө алмашуу боюнча милдеттендирүүчү келишим.**

***Болжолдонгон операция* – жүргүзүлө элек, бирок келечекте күтүлүүчү операция.**

***Хеджирлөө инструменти* – белгилүү бир туунду инструмент же (валютаны алмаштыруу курсунун өзгөрүүлөрүн хеджирлөө үчүн гана) белгилүү бир туунду эмес финансылык актив же туунду эмес финансылык милдеттенме, адилет нарк жана белгиленген хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн компенсациялоого тийиш акча каражаттарынын кыймылы (хеджирлөө инструментинин толук аныктамасы 72-77-пункттарда жана А тиркемесинин AG94 - AG97-пункттарында каралат).**

***Хеджирленүүчү объект* - актив, милдеттенме, бекемделген келишимдик милдеттенме, толук ыктымалдуу болжолдонгон операция же ишкананын (а) адилет наркындагы өзгөрүүлөр тобокелдигине же акча каражаттарынын келечектеги кыймылына дуушар кылган жана (b) хеджирленгендер катарында аныкталган чет өлкөлүк бөлүмгө салынган таза инвестициялар (хеджирленген объектилердин толук аныктамасы 78-84-пункттарда жана А тиркемесинин AG98 – AG101-пункттарында каралат).**

***Хеджирлөөнүн натыйжалуулугу* – хеджирлөөчү инструменттин адилет наркындагы же акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөр менен компенсацияланууучу хеджирленүүчү тобокелге тиешелүү хеджирленүүчү объекттин адилет наркындагы же акча каражаттарынын агымдарындагы өзгөрүүлөрдүн даражасы (А тиркемесинин AG105 - AG113-пункттарын караңыз).**

10–70 [Алып салынган]

## Хеджирлөө

71 **Эгер ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонсо (2013-жылдын ноябрында киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен) жана өзүнүн эсеп саясатынын алкагында ушул стандарттын хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын колдонууну улантпоо чечимин кабыл алса (ФОЭС (IFRS) 9дун 7.2.21-пунктун караңыз), анда ал ФОЭС (IFRS) 9дун 6-главасында каралган хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын колдонушу керек. Бирок финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин пайыздык тобокелдикке байланышкан өзгөрүүлөр портфелинин бөлүгүнүн адилет наркын хеджирлөөдө ишкана ФОЭС (IFRS) 9дун 6.1.3-пунктуна ылайык ФОЭС (IFRS) 9да каралгандардын ордуна ушул стандартта каралган хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын колдонот. Мындай учурда ишкана пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөө үчүн адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу боюнча өзгөчө талаптарды дагы колдонууга тийиш (81А, 89А жана AG114 - AG132-пункттарын караңыз).**

### Хеджирлөө инструменттери

### Квалификацияланууучу хеджирлөө инструменттери

72 Ушул стандарт, айрым чыгарылган опциондордон тышкары, 88-пункттун критерийлери сакталган шартта, туунду инструмент хеджирлөө инструменти катарында аныкталган жагдайларды чектебейт (А тиркемесинин AG94-пунктун караңыз). Бирок, туунду

© ФОЭС Фонду

инструмент болуп саналбаган финансылык актив же финансылык милдеттенме валюталык тобокелдикти хеджирлөө үчүн гана хеджирлөө инструменти катарында аныкталышы мүмкүн.

73 Хеджирлөөнү эсепке алуу максаттары үчүн отчет берүүчү ишкана үчүн тышкы тараптын катышуусундагы инструменттер гана (б.а. отчеттуулук бериле турган топ же айрым ишкана үчүн тышкы) хеджирлөө инструменти катарында аныкталышы мүмкүн. Бириктирилген отчет берүүчү топтун алкагындагы айрым ишканалар же бир ишкананын алкагындагы бөлүмдөр топтун алкагындагы башка ишканалар же ишкананын алкагындагы бөлүмдөр менен хеджирлөө боюнча операцияларды жүргүзө алса дагы, мындай ички топтук операциялар консолидациялоодо жокко чыгарылат. Тиешелүү түрдө, мындай хеджирлөө операциялары топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугунда хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин канааттандырбайт. Ушуга карабастан алар топтун алкагындагы айрым ишканалардын жеке же өзүнчө финансылык отчеттуулугунда, алар отчеттуулук бериле турган өзүнчө ишкана үчүн тышкы болуп саналган шартта, хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин канааттандырышы мүмкүн.

## Хеджирлөө инструментин аныктоо

74 Эреже катары, бүтүндөй хеджирлөө инструментинин адилет наркынын бирдиктүү көлөмү болот, ошол эле учурда адилет нарктын өзгөрүшүн шарттаган факторлор бири-бирине көз каранды болуп саналат. Ошентип хеджирлөө мамилеси ишкана тарабынан бүтүндөй хеджирлөө инструменти үчүн аныкталат. Бир гана уруксат берилген өзгөчө учурлар болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) опциондук келишимдин ички наркын жана убакыт ичиндеги наркын бөлүү жана опциондун убакыт ичиндеги наркынын өзгөрүшүн жокко чыгаруу менен, анын ички наркындагы өзгөрүүлөрдү гана хеджирлөө инструменти катарында аныктоо; жана

(b) форварддык келишимдин пайыздык элементин жана спот-баасын бөлүү.

Ушул өзгөчө учурларга уруксат берилет, анткени опциондун ички наркы менен форвард боюнча премия, эреже катары, өзүнчө бааланышы мүмкүн. Опциондун ички дагы жана убакыт ичиндеги дагы наркы бааланган хеджирлөөнүн динамикалык стратегиясы хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин канааттандыра алат.

75 Бүтүндөй хеджирлөө инструментинин пропорционалдуу үлүшү, мисалы, анын номиналдуу наркынын 50%ы хеджирлөө мамилелеринде хеджирлөө инструменти катарында аныкталышы мүмкүн. Бирок хеджирлөө мамилеси хеджирлөө инструменти жүгүртүүдө турган мөөнөттүн бөлүгү үчүн гана аныкталышы мүмкүн эмес.

76 Бир эле хеджирлөө инструменти, (a) хеджирленген тобокелдиктерди так идентификациялоого болгон, (b) хеджирлөө натыйжалуулугун көрсөтүүгө болгон жана (c) хеджирлөө инструментинин конкреттүү аныктамасын жана түрдүү тобокелдиктер боюнча позицияларды камсыздоого болгон шартта тобокелдиктин эки же андан ашык түрлөрүн хеджирлөө үчүн аныкталышы мүмкүн.

77 Айрым туунду инструменттердин натыйжасы болуп саналган эки же андан ашык туунду инструменттер же алардын пропорционалдуу үлүштөрү (же болбосо валюталык тобокелдикти хеджирлөөдө эки же андан ашык туунду эмес инструменттер же алардын

пропорционалдык үлүштөрү, же болбосо туунду же туунду эмес инструменттердин же алардын пропорциионалдык үлүштөрүнүн айкалышы) айкалыштырып каралышы мүмкүн жана хеджирлөө инструменти катарында чогуу аныкталышы мүмкүн, анын ичинен айрым туунду инструменттердин натыйжасы болуп саналган тобокелдик (тобокелдиктер) башка инструменттерден пайда болгон тобокелдиктер менен өз ара чегеришилет. Бирок, чыгарылган опционду жана сатып алынган опционду айкалыштырган пайыздык коллар же башка туунду инструмент, эгер ал чынында эле нетто-чыгарылган опцион болсо (ал боюнча нетто-премия алынган), хеджирлөө инструменти катарында квалификацияланбайт. Ушундай эле сыяктуу, эки же андан ашык инструменттер (же алардын пропорциялары), эгер алардын бири дагы чыгарылган опцион же нетто-чыгарылган опцион болуп саналбаган учурда гана, хеджирлөө инструменти болуш үчүн арналышы мүмкүн.

## Хеджирлөө объектилери

### Квалификацияланууучу хеджирлөө объектилери

78 Хеджирлөө объекти таанылган актив же милдеттенме, таанылбаган бекемделген келишимдик милдеттенме, толук ыктымалдуу болжолдонуучу операция же чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестиция болушу мүмкүн. Хеджирлөө объектиси (а) өзүнчө актив же милдеттенме, бекемделген келишимдик милдеттенме, толук ыктымалдуу болжолдонуучу операция же чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестиция, (b) тобокелдиктин окшош мүнөздөмөлөрү менен активдердин же милдеттенмелердин тобу, бекемделген келишимдик милдеттенме, толук ыктымалдуу болжолдонуучу операция же чет өлкөлүк бөлүмдөргө таза инвестициялар же (с) пайыздык тобокелдиктердин портфелин хеджирлөөдө гана жалпы хеджирлөөчү тобокелдиктеги финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин портфелинин бөлүгү болушу мүмкүн.

79 Алып салынган.

80 Хеджирлөөнү эсепке алуу максаттары үчүн ишканага карата тышкы тараптын катышуусу менен активдер, милдеттенмелер, бекемделген келишимдик милдеттенме же толук ыктымалдуу болжолдонуучу операциялар гана хеджирлөө объектилер катарында аныкталышы мүмкүн. Бул , ФОЭС (IFRS) 10до белгиленгендей, инвестициялык ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугун кошпогондо, топтун бириктирилген финансылык отчеттуулугунда эмес, хеджирлөөнү эсепке алуу бир топтун ишканаларынын ортосундагы операциялар үчүн ушул ишканалардын жеке же өзүнчө финансылык отчеттуулугунда колдонулушу мүмкүндүгүн билдирет, мында пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу инвестициялык ишкана менен анын туунду ишканаларынын ортосундагы операциялар бириктирилген финансылык отчеттуулуктан алып салынбайт. Өзгөчө учур катарында, ички топтук монетардык берене боюнча валюталык тобокелдик (мисалы, эки туунду ишкананын ортосундагы кредитордук/дебитордук карыз), эгер ал *«Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири»* ФОЭС (IAS) 21ге ылайык консолидациялоодо толугу менен алып салынбаган валютанын алмаштыруу курсунун өзгөрүүлөрүнөн пайданын же зыяндын пайда болуу мүмкүндүгүнө алып келсе, бириктирилген финансылык отчеттуулукта квалификацияланууучу хеджирлөө объектиси болушу мүмкүн. ФОЭС (IAS) 21ге ылайык ички топтук акчалай беренелер боюнча валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнө шартталган пайдалар же зыяндар, тиешелүү ички топтук акча беренеси ар кандай колдонуудагы валютасына ээ топтордун алкагында эки ишкананын ортосундагы операциялардын натыйжасы болуп саналса, консолидациялоодо толугу менен алып салынбайт. Андан

тышкары, толук ыктымалдуу болжолдонгон ички топтук операция боюнча валюталык тобокелдик бириктирилген финансылык отчеттуулукта квалификацияланууч хеджирлөө объектиси болушу мүмкүн, мындай операция ушул операцияга катышкан ишкананын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада көрсөтүлгөн, ал эми валюталык тобокелдик бириктирилген пайдага же зыянга таасирин тийгизген шартта.

## Финансылык беренелерди хеджирлөө объектилери катары аныктоо

81 Эгер хеджирлөө объектиси болуп финансылык актив же финансылык милдеттенме саналса, алар натыйжалуулук бааланган шартта, анын акча каражаттар агымынын же адилет наркынын бөлүгү (мисалы, келишим боюнча акча каражаттарынын бир же андан ашык бөлүнгөн агымдары же алардын бөлүктөрү же адилет нарктын белгилүү бир пайызы) менен гана байланышкан тобокелдиктерге карата хеджирлөө объектилери катары аныкталышы мүмкүн. Мисалы, пайыздык актив же милдеттенме боюнча пайыздык ставка тобокелдигинин аныкталуучу жана өзүнчө бааланууч бөлүгү хеджирленген тобокелдик катарында аныкталышы мүмкүн (мисалы, хеджирленген финансылык инструмент боюнча пайыздык ставканын жалпы тобокелдигинде тобокелдиксиз же базалык пайыздык ставканын компоненти).

81A Пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнүн финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин портфелине болгон таасиринен адилет наркты хеджирлөөдө (жана ушундай хеджирлөөдө гана) хеджирленген бөлүгү өзүнчө активдер (же милдеттенмелер) катарында эмес, акча көлөмү катарында (мисалы, доллардагы, евродогу, фунттагы же рэнддеги сумма катарында) аныкталышы мүмкүн. Тобокелдиктерди башкаруу максаттары үчүн портфель активдерди жана милдеттенмелерди камтышы мүмкүндүгүнө карабастан, хеджирлөө үчүн аныкталган көлөм активдердин суммасына же милдеттенмелердин суммасына барабар. Активдерди жана милдеттенмелерди кошуу менен, хеджирлөө үчүн таза сумманы аныктоого уруксат берилбейт. Ишкана ушул аныкталган суммага байланышкан пайыздык тобокелдиктин бөлүгүн хеджирлей алат. Мисалы, алдын ала төлөнө турган активдерди камтыган портфелди хеджирлөөдө ишкана пайыздык ставканы кайра кароонун келишимдик эмес, күтүлүүчү күндөрүнүн негизинде хеджирленген пайыздык ставкага киргизилүүчү адилет нарктын өзгөрүшүн хеджирлей алат. Хеджирленген бөлүк пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү күндөрүнө негизделгенде, ушул пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү күндөрүнө карата хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнүн жыйынтыгы хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн аныктоодо эске алынууга тийиш. Натыйжада, алдын ала төлөнө турган объекттерди камтыган портфелди алдын ала төлөнбөгөн туунду инструмент менен бирге хеджирлөөдө, эгер хеджирленген портфелде объекттер боюнча күтүлүүчү алдын ала төлөө мөөнөтү кайра каралса же алдын ала төлөөнүн иш жүзүндөгү күндөрү күтүлүүчү күндөрдөн айырмаланса, натыйжасыз жыйынтык пайда болот.

## Финансылык эмес объектилерди хеджирлөө объектилери катары аныктоо

**82 Эгер хеджирлөө объектиси болуп финансылык эмес актив же финансылык эмес милдеттенме саналса, анда алар (а) валюталык тобокелдиктер үчүн же (b) бардык тобокелдиктер үчүн толугу менен хеджирлөө объектиси катарында аныкталышы мүмкүн, анткени акча каражаттар агымынын тийиштүү бөлүгүн же валюталык тобокелдиктен тышкары, конкреттүү тобокелдиктерге кирген адилет нарктын өзгөрүүлөрүн бөлүү жана баалоо кыйын.**

## Объектилер тобун хеджирлөө объектилери катары аныктоо

83 Окшош активдер же окшош милдеттенмелер, эгер бул топтогу жеке активдер же жеке милдеттенмелер хеджирленүүчү катарында аныкталган тобокелдикке дуушар болсо, топ катары бириктирилүүгө жана хеджирленүүгө тийиш. Ошондой эле топтогу ар бир жеке объект үчүн хеджирленген тобокелдикке байланышкан адилет нарктын өзгөрүшү объектилердин бүтүндөй тобу боюнча хеджирленген тобокелдикке киргизилген адилет нарктын жалпы өзгөрүшүнө болжол менен пропорционалдуу болот деп күтүлөт.

84 Ишкана адилет нарктын өзгөрүшүн же акча каражаттарынын агымын хеджирлөө инструменти (же хеджирлөөнүн окшош инструменттеринин тобу) жана хеджирлөө объекти (же хеджирлөөнүн окшош объектилеринин тобу) боюнча салыштыруу аркылуу хеджирлөөнүн натыйжалуулугун баалагандыктан, хеджирлөө инструментин конкреттүү хеджирлөө объектиси менен эмес жалпы нетто-позиция (мисалы, бекитилген пайыздык ставкасы жана окшош төлөө мөөнөттөрү менен бардык активдер жана милдеттенмелер боюнча нетто) менен салыштыруу хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын канааттандырбайт.

## Хеджирлөөнү эсепке алуу

85 Пайданын же зыяндын курамында хеджирлөөнү эсепке алууда хеджирлөө инструментинин жана хеджирлөө объектисинин адилет наркындагы өзгөрүүлөрдү өз ара эсептөөнүн жыйынтыгы таанылат.

**86 Хеджирлөө мамилелеринин үч түрү бар:**

**(a)** ***адилет наркты хеджирлөө*****: таанылган активдин же милдеттенменин же таанылбаган бекемделген келишимдик милдеттенменин адилет наркынын же конкреттүү тобокелдик менен байланышкан жана финансылык жыйынтыкка (пайда жана зыян) таасир тийгизе алган ушундай активдин, милдеттенменин же бекемделген келишимдик милдеттенменин идентификацияланган бөлүгүнүн өзгөрүү тобокелдигине дуушар болушун хеджирлөө.**

**(b)** ***акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө:*** **(i) таанылган активге же милдеттенмеге тийиштүү өзүнчө тобокелдик менен (мисалы, өзгөрүлмө пайыздык ставка боюнча карызга бардык же айрым келечектеги пайыздык төлөмдөр) же толук ыктымалдуу келечектеги операция менен байланышкан жана (ii) финансылык жыйынтыкка (пайда жана зыян) таасир тийгизе алган акча каражаттарынын кыймылынын өзгөрүү тобокелдигине дуушар болушун хеджирлөө.**

**(c)** **ФОЭС (IAS) 21дин аныктамасына ылайык** ***чет өлкөлүк бөлүмгө салынган таза инвестицияларды хеджирлөө*****.**

87 Бекемделген келишимдик милдеттенменин валюталык тобокелдигин хеджирлөө адилет наркты хеджирлөө же акча каражаттарынын кыймылын хеджирлөө катарында эске алынышы мүмкүн.

**88 Хеджирлөө мамилелери, эгер төмөнкү шарттардын бардыгы аткарылса гана, 89-102-пункттарга ылайык хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерине шайкеш келет.**

© ФОЭС Фонду

(a) **Хеджирлөөнүн башталышында хеджирлөө мамилелери жана ишкананын тобокелдиктерди башкаруу боюнча максаттары, ошондой эле хеджирлөө стратегиясы формалдуу түрдө аныкталат жана документтештирилет. Зарыл документтер хеджирлөө инструментинин, хеджирлөө объектисинин же операциянын аныктамасын, хеджирленген тобокелдиктин мүнөзүн жана хеджирленген тобокелдикке байланыштуу хеджирлөө объектисинин адилет наркынын же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүү тобокелдигине дуушар болушун компенсациялоо үчүн ишкананын хеджирлөө натыйжалуулугун баалоо ыкмасын камтыйт.**

(b) **Тийиштүү хеджирлөө мамилеси үчүн тобокелдикти башкаруунун алгачкы документтелген стратегиясына ылайык хеджирленген тобокелдикке байланыштуу адилет нарктын же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүн компенсациялоого карата хеджирлөө жогорку натыйжалуу болот деп күтүлүүдө (А тиркемесинин AG105 - AG113А-пункттарын караңыз).**

(c) **Акча каражаттарынын кыймылын хеджирлөөдө хеджирленүүчү келечектеги операциялардын болуу ыктымалдыгы жогору болушу керек жана ушундай келечектеги операциялар финансылык натыйжага (пайда жана зыян) таасир тийгизе алган акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүү тобокелдигине дуушар болуусунун пайда болушуна алып келиши керек.**

(d) **Хеджирлөөнүн натыйжалуулугу ишенимдүү бааланышы мүмкүн, б.а. хеджирленген тобокелдикке тийиштүү хеджирлөө объектисинин адилет наркы же акча каражаттарынын агымдары жана хеджирлөө инструментинин адилет наркы ишенимдүү бааланышы мүмкүн.**

(e) **Хеджирлөө туруктуу негизде бааланат жана хеджирлөөнүн натыйжалуулугу хеджирлөө аныкталган бардык отчеттук мезгилдер боюнча бааланат.**

## Адилет наркты хеджирлөө

89 **Эгер мезгилдин ичинде адилет наркты хеджирлөө 88-пункттун шарттарын канааттандырса, аны төмөнкүчө эске алуу зарыл:**

(a) **адилет нарк боюнча (хеджирлөөнүн туунду инструменти үчүн) же ФОЭС (IAS) 21ге ылайык бааланган анын баланстык наркынын валюталык түзүлүшү боюнча (хеджирлөөнүн туунду эмес инструменти үчүн) хеджирлөө инструментин кайра баалоодон алынган киреше же зыян пайданын же зыяндын курамында таанылат; жана**

(b) **хеджирленген тобокелдик менен байланышкан хеджирлөө объектиси боюнча пайда же зыян хеджирлөө объектисинин баланстык наркын оңдоп-түзөйт жана пайданын же зыяндын курамында таанылат. Эгер хеджирлөө объекти өздүк наркы боюнча бааланса, ушул метод колдонулат. Хеджирленген тобокелдикке тийиштүү пайданы же зыянды таануу, эгер хеджирлөө объекти ФОЭС (IFRS) 9дун 4.1.2А-пунктуна ылайык башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча баалануучу финансылык активди билдирсе, пайданын же зыяндын курамында колдонулат.**

89A Пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнүн таасиринен финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин портфелинин бөлүгүнүн адилет наркын хеджирлөөдө (жана ушундай хеджирлөөдө гана) хеджирлөө объектисине киргизилген пайданы же зыянды көрсөтүү аркылуу 89(b)-пунктунун талабы канааттандырылышы мүмкүн:

(a) хеджирлөө объекти актив болуп саналган пайыздык ставканы кайра кароонун ошол убактылуу мезгилдери үчүн активдердин курамында өзүнчө берене болуп; же болбосо

(b) хеджирлөө объекти милдеттенме болуп саналган пайыздык ставканы кайра кароонун ошол убактылуу мезгилдери үчүн милдеттенмелердин курамында өзүнчө берене болуп.

(a) жана (b) пункттарында көрсөтүлгөн өзүнчө беренелер финансылык активдерден же финансылык милдеттенмелерден кийин дароо эле көрсөтүлүшү керек. Ушул беренелерге киргизилген суммалар алар кирген активдерди же милдеттенмелерди таануу токтотулган учурда финансылык абал жөнүндөгү отчеттон алып салынууга тийиш.

90 Эгер хеджирлөө объекти менен байланышкан конкреттүү тобокелдиктер гана хеджирленсе, анда хеджирленген тобокелдикке кирбеген хеджирлөө объектисинин адилет наркынын таанылган өзгөрүүлөрү ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.1-пунктуна ылайык таанылат.

**91 Ишкана 89-пунктта каралган хеджирлөөнү эсепке алууну перспективдүү токтотушу керек, эгер:**

**(a) хеджирлөө инструментинин мөөнөтү өтүп кетсе же аны колдонуу токтотулса же инструмент сатылса же аткарылса. Ушул максаттарда хеджирлөө инструментин башка хеджирлөө инструментине алмаштыруу же узартуу, эгер ушундай алмаштыруу же узартуу ишкана үчүн анын документтелген хеджирлөө стратегиясынын бөлүгү болуп саналса, анын мөөнөтү аяктады же аны колдонуу токтоду деп эсептелбейт. Андан тышкары, ушул максаттарда хеджирлөө инструментинин мөөнөтү аяктады же токтотулду деп саналбайт, эгер:**

**(i) мыйзамдарды же башка ченемдик укуктук актыларды колдонуунун же колдонууга киргизүүнүн натыйжасында хеджирлөө инструментинин тараптары бир же бир нече клиринг контрагенттери алгачкы котрагентти алмаштырааары жана тараптардын ар бири үчүн жаңы контрагент болоору жөнүндө макулдашса. Ушул максаттарда клиринг контрагенти – бул борбордук контрагент (кээде "клиринг уюму" же "клиринг агенттиги " деп аталат) же болбосо ишкана же ишканалар, мисалы, борбордук контрагент тарабынан клиринг жүргүзүү максатында контрагент катарында чыккан клиринг уюмунун катышуучусу же клиринг уюмунун катышуучусунун кардары. Бирок, хеджирлөө инструментинин тараптары өздөрүнүн алгачкы контрагенттерин түрдүү контрагенттерге алмаштырган учурда, эгер ушул жаңы контрагенттердин ар бири бир эле борбордук контрагент менен клиринг жүргүзсө гана, ушул пункт колдонулушу керек;**

**(ii) хеджирлөө инструментинин башка өзгөрүүлөрү, эгер мындайлар болсо, контрагентти ушундай алмаштыруу үчүн зарыл өзгөрүүлөр менен**

**чектелет. Мындай өзгөрүүлөр, эгер хеджирлөө инструменти башында клиринг контрагенти тарабынан клиринг жүргүзүү предмети болсо, шарттарга жооп берген өзгөрүүлөр менен чектелет. Мындай өзгөрүүлөргө камсыздоо, дебитордук жана кредитордук карыздын калдыктарын өз ара эсептөөгө укуктар боюнча жана алынуучу акы боюнча талаптардын өзгөрүүлөрү кирет;**

**(b) хеджирлөө 88-пунктта сыпатталган хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин мындан ары канааттандырбайт; же**

**(c) ишкана хеджирлөө аныктамасын жокко чыгарат.**

**92 89(b)-пунктунан пайда болгон, натыйжалуу пайыздык ставка методу колдонулган хеджирленген финансылык инструменттин баланстык наркын бардык оңдоп-түзөө (же болбосо пайыздык тобокелдиктердин портфелин, 98А-пунктунда сыпатталган финансылык абал жөнүндө отчеттун өзүнчө беренесин хеджирлөө учурунда) пайдага же зыянга карата амортизацияланышы керек. Ишкана оңдоп-түзөө пайда болгондо эле, бирок хеджирленген тобокелдикке кирген хеджирлөө объектисин анын адилет наркынын өзгөрүү көлөмүнө карата оңдоп-түзөө токтотулган учурдан кечиктирбестен, оңдоп-түзөөнү амортизациялап баштаса болот. Оңдоп-түзөө амортизация башталган күнгө карата кайра эсептелген натыйжалуу пайыздык ставкага негизделет. Бирок, эгер пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнүн таасиринен финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин портфелинин адилет наркын хеджирлөөдө (ушундай хеджирлөөдө гана), кайра эсептелген натыйжалуу пайыздык ставканы колдонуу менен амортизацияны жүргүзүү мүмкүн эмес болсо, анда оңдоп-түзөө линиялык метод боюнча амортизациланууга тийиш. Оңдоп-түзөө финансылык инструменттин төлөө мөөнөтүнө же, пайыздык тобокелдиктердин портфели хеджирленген учурда, пайыздык ставканы кайра кароонун тийиштүү мөөнөтү бүткөнгө чейин толугу менен амортизацияланышы керек.**

93 Эгер таанылбаган бекемделген келишимдик милдеттенме хеджирлөө объектиси катарында аныкталса, анда хеджирленген тобокелдикке байланышкан бекемделген келишимдик милдеттенменин адилет наркынын кийинки топтолгон өзгөрүүсү пайданын же зыяндын курамында таанылган тийиштүү киреше же зыян менен актив же милдеттенме катарында таанылат (89(b)-пунктун караңыз). Хеджирлөө инструментинин адилет наркындагы өзгөрүүлөр дагы пайданын же зыяндын курамында таанылат.

94 Эгер ишкана активди сатып алуу же милдеттенмени өзүнө кабыл алуу үчүн адилет наркты хеджирлөөдө хеджирлөө объекти болуп саналган бекемделген келишимди түзсө, анда ишкана тарабынан бекемделген келишимдик милдеттенмени аткаруунун натыйжасында пайда болгон активдин же милдеттенменин баштапкы баланстык наркы финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган хеджирленген тобокелдик менен байланышкан бекемделген келишимдик милдеттенменин адилет наркынын топтолгон өзгөрүүсүн киргизүү үчүн оңдоп-түзөтүлөт.

## Акча каражаттарынын кыймылын хеджирлөө

95 Эгер мезгилдин ичинде акча каражттарынын кыймылын хеджирлөө 88-пункттун шарттарын канааттандырса, анда аны төмөнкүчө эске алуу зарыл:

(a) натыйжалуулугу белгиленген хеджирлөө инструменти боюнча кирешенин же зыяндын бөлүгүн (88-пунктту караңыз) башка жыйынды кирешенин курамында таануу керек; жана

(b) хеджирлөө инструменти боюнча кирешенин же зыяндын натыйжасыз бөлүгү пайданын же зыяндын курамында таанылат.

96 Тактап айтканда, акча каражаттарынын агымдарынын кыймылын хеджирлөө төмөнкүчө эске алынат:

(a) хеджирлөө объекти менен байланышкан капиталдын айрым компоненттери төмөнкү суммалардын азынын пайдасына оңдоп-түзөтүлөт (абсолюттук мааниде):

(i) хеджирлөө башталгандан тартып топтолгон хеджирлөө инструменти боюнча пайданын же зыяндын суммасы; жана

(ii) хеджирлөө башталгандан тартып топтолгон хеджирлөө объектисинин күтүлүүчү келечектеги акча каражаттарынын адилет наркынын (келтирилген наркынын) жалпы өзгөрүүсүнүн суммасы;

(b) хеджирлөө инструменти боюнча же хеджирлөө инструментинин белгилүү бир компоненти боюнча (натыйжалуу хеджирлөө болуп саналбаган) бардык калган пайдалар же зыяндар пайдага же зыянга кирет; жана

(c) эгер белгилүү бир хеджирлөө мамилеси үчүн тобокелдикти башкаруу стратегиясы хеджирлөө натыйжалуулугун баалоодон пайдалардын же зыяндардын өзүнчө бөлүгүн же хеджирлөө инструментинин байланышкан акча каражаттарынын агымдарын алып салса (74, 75 жана 88(а)-пункттарын караңыз), анда пайдалардын же зыяндардын ушундай алып салынган бөлүгү ФОЭС (IFRS) 9дун 5.7.1-пунктуна ылайык таанылат.

**97 Эгер болжолдонгон операцияны хеджирлөө кийин финансылык активди же финансылык милдеттенмени таанууга алып келсе, 95-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында таанылган тийиштүү киреше же зыян капиталдын курамынан чыгарылышы керек жана хеджирленген болжолдонгон акча каражаттарынын агымдары пайдага же зыянга таасир тийгизген ошол мезгилде же мезгилдерде (мисалы, пайыздар боюнча киреше же чыгаша таанылган мезгилдерде) кайра классификациялоодо (ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) караңыз) пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катары таанылууга тийиш. Бирок, эгер ишкана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган бардык зыян же анын бөлүгү бир же андан ашык келечектеги мезгилдерде орду толтурулбайт деп күтсө, анда ал орду толтурулбаган ошол сумманы кайра классификациялоодо пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катарында кайра классификациялашы керек.**

**98 Эгер болжолдонгон операцияны хеджирлөө кийин финансылык эмес активди же финансылык эмес милдеттенмени таанууга алып келсе, же финансылык эмес актив же финансылык эмес милдеттенме боюнча болжолдонгон операция адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулган бекемделген келишимдик милдеттенмеге айланса, анда ишкана төмөнкү (а) же (b) пункттарынын бирин колдонушу керек:**

**(a) ал 95-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында таанылган тийиштүү кирешелерди же зыяндарды сатып алынган актив же кабыл алынган милдеттенме пайдага же зыянга таасир тийгизген ошол мезгилде же мезгилдерде (мисалы, амортизациялык чыгаша же сатуунун өздүк наркы таанылган мезгилдерде) кайра классификациялоодо (ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) караңыз) пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катарында кайра классификациялайт. Бирок, эгер ишкана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган бардык зыян же анын бөлүгү бир же андан ашык келечектеги мезгилдерде орду толтурулбайт деп күтсө, анда ал орду толтурулбаган ошол сумманы кайра классификациялоодо капиталдан пайданын же зыяндын курамына оңдоп-түзөө катарында өткөрүшү керек;**

**(b) ал 95-пунктка ылайык башка жыйынды кирешенин курамында таанылган байланышкан кирешелерди же зыяндарды алып салат жана аларды тийиштүү активдин же милдеттенменин өздүк наркына же башка баланстык наркына киргизет.**

**99 Ишкана (a) же (b) пункттарын 98-пунктта өзүнүн эсеп саясаты катарында кабыл алууга жана аны 98-пунктка кирген бардык хеджирлөө операцияларына ырааттуу колдонууга тийиш.**

**100 97 жана 98-пункттарда каралгандардан тышкары, акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө үчүн башка жыйынды кирешенин курамында таанылган суммалар капиталдын курамынан чыгарылышы керек жана хеджирленген болжолдонгон акча каражаттарынын агымдары пайдага же зыянга таасир тийгизген ошол мезгилде же мезгилдерде (мисалы, болжолдонгон сатуу жүргүзүлгөндө) кайра классификациялоодо (ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) караңыз) пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катарында таанылышы керек.**

**101 Төмөнкү бардык учурларда ишкана 95-100-пункттарда каралган хеджирлөө эсебин перспективдүү токтотууга тийиш:**

**(a) хеджирлөө инструментинин мөөнөтү аяктаса же аны колдонуу токтотулса же болбосо инструмент сатылса же аткарылса. Мындай учурда хеджирлөө натыйжалуу болгон мезгилден тартып (95(a)-пунктун караңыз) башка жыйынды кирешенин курамында таанылган хеджирлөө инструменти боюнча топтолгон пайданын же зыяндын суммасы болжолдонгон операция жүргүзүлгөнгө чейин өздүк капиталдын курамында өзүнчө берене катарында көрсөтүүнү улантат. Ушундай болжолдонгон операция жүргүзүлгөндөн кийин 97, 98 жана 100-пункттар колдонулат. Ушул пунктчанын максаттары үчүн хеджирлөө инструментин башка хеджирлөө инструментине алмаштыруу же узартуу, эгер ушундай алмаштыруу же узартуу ишкана үчүн анын документтелген хеджирлөө стратегиясынын бөлүгү болуп саналса, анын мөөнөтү аяктады же аны колдонуу токтоду деп эсептелбейт. Андан тышкары, ушул пунктчанын максаттары үчүн хеджирлөө инструментинин мөөнөтү аяктады же токтотулду деп саналбайт, эгер:**

**(i) мыйзамдарды же башка ченемдик укуктук актыларды колдонуунун же колдонууга киргизүүнүн натыйжасында хеджирлөө инструментинин тараптары бир же бир нече клиринг контрагенттери алгачкы**

**контрагентти алмаштыраары жана тараптардын ар бири үчүн жаңы контрагент болоору жөнүндө макулдашышат. Ушул максаттарда клиринг контрагенти – бул борбордук контрагент (кээде "клиринг ишканасы" же "клиринг агенттиги " деп аталат) же болбосо ишкана же ишканалар, мисалы, борбордук контрагент тарабынан клиринг жүргүзүү максатында контрагент катарында чыккан клиринг ишканасынын катышуучусу же клиринг ишканасынын катышуучусунун кардары. Бирок, хеджирлөө инструментинин тараптары өздөрүнүн алгачкы контрагенттерин түрдүү контрагенттерге алмаштырган учурда, эгер ушул жаңы контрагенттердин ар бири бир эле борбордук контрагент менен клиринг жүргүзсө гана, ушул пункт колдонулушу керек;**

**(ii)** **хеджирлөө инструментинин башка өзгөрүүлөрү, эгер мындайлар болсо, контрагентти ушундай алмаштыруу үчүн зарыл өзгөрүүлөр менен чектелет. Мындай өзгөрүүлөр, эгер хеджирлөө инструменти башында клиринг контрагенти тарабынан клиринг жүргүзүү предмети болсо, шарттарга жооп берген өзгөрүүлөр менен чектелет. Мындай өзгөрүүлөргө камсыздоо, дебитордук жана кредитордук карыздын калдыктарын өз ара чегерүүгө укуктар боюнча жана алынуучу акы боюнча талаптардын өзгөрүүлөрү кирет;**

**(b)** **хеджирлөө 88-пунктта сыпатталган хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин мындан ары канааттандырбайт. Мындай учурда хеджирлөө натыйжалуу болгон мезгилден тартып (95(а)-пунктун караңыз) башка жыйынды кирешенин курамында таанылган хеджирлөө инструменти боюнча топтолгон пайданын же зыяндын суммасы болжолдонгон операция пайда болгонго чейин капиталдын курамында таанылган өзүнчө сап катарында калат. Ушундай болжолдонгон операция жүргүзүлгөндөн кийин 97, 98 жана 100-пункттар колдонулат.**

**(c)** **операцияны аткаруу мындан ары күтүлбөйт жана мындай учурда хеджирлөө натыйжалуу болгон мезгилден тартып (95(а)-пунктун караңыз) башка жыйынды кирешенин курамында таанылган хеджирлөө инструменти боюнча топтолгон пайданын же зыяндын суммасы капиталдын курамынан чыгарылышы керек жана кайра классификациялоодо пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катарында чагылдырылышы керек. Эгер келечектеги операцияны аткаруу мындан ары толук ыктымалдуу болбой калса (88(с)-пунктун караңыз), операцияны аткаруу күтүлүшү мүмкүн.**

**(d)** **ишкана хеджирлөө аныктамасын жокко чыгарат. Келечектеги операцияларды хеджирлөөдө хеджирлөө натыйжалуу болгон мезгилден тартып (95(а)-пунктун караңыз) башка жыйынды кирешенин курамында таанылган хеджирлөө инструменти боюнча топтолгон пайданын же зыяндын суммасы операция жүргүзүлгөнгө чейин же операцияны жүргүзүү мындан ары күтүлбөгөн мезгилге чейин капиталдын курамында таанылган өзүнчө сап катарында калат. Ушундай болжолдонгон операция жүргүзүлгөндөн кийин 97, 98 жана 100-пункттар колдонулат. Эгер мындай операцияны аткаруу мындан ары күтүлбөсө, башка жыйынды кирешенин курамында таанылган топтолгон пайданын же зыяндын суммасы капиталдын курамынан чыгарылышы керек**

© ФОЭС Фонду

**жана кайра классификациялоодо пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катарында таанылышы керек.**

**Таза инвестицияларды хеджирлөө**

**102 Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияларды хеджирлөө, таза инвестициянын бөлүгү катарында эске алынган акча беренесин хеджирлөөнү кошкондо (ФОЭС (IAS) 21ди караңыз), акча каражаттарынын кыймылын хеджирлөөгө окшош эске алынышы керек:**

**(a) натыйжалуулугу белгиленген хеджирлөө инструменти боюнча кирешенин же зыяндын бөлүгүн (88-пунктту караңыз) башка жыйынды кирешенин курамында таануу керек; жана**

**(b) натыйжасыз бөлүгү кирешенин же зыяндын курамында таанылууга тийиш.**

**Башка жыйынды кирешенин курамында таанылган, хеджирлөөнүн натыйжалуу бөлүгүнө кирген хеджирлөө инструменти боюнча киреше же зыян капиталдын курамынан чыгарылышы керек жана чет өлкөлүк бөлүм чыгып калганда же чыгып калуу мезгилинде ФОЭС (IAS) 1дин 48-49-пункттарына ылайык кайра классификациялоодо (ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) караңыз) пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катарында таанылышы керек.**

## Хеджирлөөнү эсепке алуу бөлүгүндө өзгөчө талаптарды колдонуудан убактылуу алып салуу

102A Ишкана 102D – 102N жана 108G-пункттарын базалык пайыздык ставкалар реформасы түздөн-түз таасир берген бардык хеджирлөө мамилелерине колдонушу керек. Ушул пункттар ушундай хеджирлөө мамилелерине гана колдонулат. Базалык пайыздык ставкалар реформасы, эгер реформа төмөнкүлөргө карата айкын эместикти туудурса гана, хеджирлөө мамилесине түздөн-түз таасир тийгизет:

(a) хеджирленген тобокелдик катарында белгиленген базалык пайыздык ставкага (келишимде же келишимден тышкары көрсөтүлгөн); жана/же

(b) хеджирлөө объекти боюнча же хеджирлөө инструменти боюнча базалык пайыздык ставкалардын негизинде акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрүнө же суммаларына.

102B 102D – 102N-пункттарын колдонуу максаттары үчүн «базалык пайыздык ставканын реформасы» деген термин, базалык пайыздык ставканы 2014-жылдын июлундагы Финансылык туруктуулук боюнча кеңештин «Базалык пайыздык ставкалардын негизги багыттарын реформалоо» деген отчетунда[1] баяндалган сунуштар сыяктуу альтернативдүү негизги ставкага алмаштырууну кошкондо, рыноктун жалпы реформасынын базалык пайыздык ставкасына кирет.

102C 102D – 102N-пункттары ушул пункттарда аталган талаптардан гана алып салууларды карайт. Ишкана базалык пайыздык ставкалар реформасы түздөн-түз таасир берген хеджирлөө мамилелерине карата хеджирлөөнү эсепке алуунун башка бардык талаптарын колдонууну улантышы керек.

1 «Пайыздык ставкалардын негизги багыттарын реформалоо» отчету сайтта төмөнкү шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.fsb.org/wp-content/uploads/r_140722.pdf.

© ФОЭС Фонду

## Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө үчүн ыктымалдыгы жогору талап

102D Болжолдонгон операциянын ыктымалдыгы жогору болууга тийиштиги жөнүндө 88(c)-пунктунун талаптарын колдонуу максатында ишкана хеджирленген акча каражаттарынын агымдары негизделген пайыздык ставканын багыты (келишимде же келишимден тышкары көрсөтүлгөн) базалык пайыздык ставка реформасынын натыйжасында өзгөрбөгөндүгүнө таянууга тийиш.

### Башка жыйынды кирешеде таанылган топтолгон пайданы же зыянды кайра классификациялоо

102E Болжолдонгон операцияны мындан ары ишке ашыруу күтүлгөн/күтүлбөгөнүн аныктоо үчүн 101(c)-пунктунун талаптарын ишке ашыруу максатында ишкана хеджирленген акча каражаттарынын агымдары (келишим боюнча же келишимден тышкары) базалык пайыздык ставка реформасынын натыйжасында өзгөрбөгөн пайыздык ставкага таянууга тийиш.

## Натыйжалуулукту баалоо

102F 88(b) жана AG105(a)-пункттарынын талаптарын колдонуу максатында ишкана хеджирленген акча каражаттарынын агымдары жана/же хеджирленген тобокелдик негизделген пайыздык ставканын багыты (келишимде же келишимден тышкары сүйлөшүлгөн) же хеджирлөө инструментинин акча каражаттарынын агымдары негизделген базалык пайыздык ставка базалык пайыздык ставка реформасынын натыйжасында өзгөрбөгөндүгүнө таянууга тийиш.

102G 88(e)-пунктунун талаптарын колдонуу максатында ишканадан хеджирлөө мамилесин токтотуу талап кылынбайт, анткени хеджирлөөнүн иш жүзүндөгү жыйынтыгы AG105(b)-пунктунун талаптарына жооп бербейт. Күмөн санабоо үчүн ишкана хеджирлөө мамилелерин токтотуу зарылдыгын баалоо үчүн 88-пункттун башка шарттарын, анын ичинде 88(b)-пунктундагы перспективдүү баалоону колдонууга тийиш.

## Финансылык объекттерди хеджирлөө объекттери катары аныктоо

102H Эгер келишимде сүйлөшүлбөгөн пайыздык тобокелдиктин базалык бөлүгүн хеджирлөө үчүн 102I- пункту колдонулбаса, ишкана белгилүү бир бөлүгү хеджирлөө мамилелеринин башында гана өзүнчө идентификациялануучу болууга тийиштиги жөнүндөгү 81 жана AG99F-пункттарынын талабын колдонушу керек.

102I Ишкана хеджирлөө боюнча өзүнүн документтерине ылайык хеджирлөө мамилесин тез-тез таштап салса (б.а. токтотсо жана кайра иштетсе), анткени хеджирлөө инструменти дагы, хеджирлөө объектиси дагы тез-тез алмашса (б.а. ишкана ушул тобокелдикке дуушар болууну башкаруу үчүн колдонулган хеджирлөө объекттери дагы, хеджирлөө инструменттери дагы узак убакыттын ичинде өзгөрүүсүз калбаган динамикалык процессти колдонот), ишкана белгиленген бөлүгү ушул хеджирлөө мамилелеринде ал хеджирлөө объектисин алгачкы аныктаганда гана өзүнчө идентификацияланууч болууга тийиш экендиги жөнүндө 81 жана AG99F-пункттарынын талабын колдонушу керек. Хеджирлөө мамилелерине алгачкы киргизилген убакта бааланган хеджирлөө объектиси, хеджирлөө башталгандабы же андан кийинби, ошол эле хеджирлөө мамилелеринде бардык кийинки кайра баалоодо кайра бааланбайт.

## Колдонуунун аягы

102J Ишкана 102D-пунктун хеджирлөө объектисине колдонууну төмөнкү күндөрдүн эң эртесинде перспективдүү токтотушу керек:

(a) базалык пайыздык ставкаларга негизделген хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөтүнө жана суммасына карата базалык пайыздык ставкалар реформасынын натыйжасында пайда болгон айкын эместик мындан ары болбосо; жана

(b) хеджирлөө объектиси бөлүгү болуп саналган хеджирлөө мамилелери токтотулганда.

102K Ишкана төмөнкү учурларда 102E-пунктун колдонууну мүмкүн болушунча эрте перспективдүү токтотушу керек:

(a) базалык пайыздык ставкаларга негизделген хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөтүнө жана суммасына карата базалык пайыздык ставкалар реформасынын натыйжасында пайда болгон айкын эместик мындан ары болбосо; жана

(b) ушул токтотулган хеджирлөө мамилелерине карата башка жыйынды кирешенин курамында таанылган бардык топтолгон пайда же зыян пайдага же зыянга кайра классификацияланганда.

102L Ишкана төмөнкүлөргө карата 102F-пунктун колдонууну перспективдүү токтотушу керек:

(a) хеджирленген тобокелдикке же базалык пайыздык ставкаларга негизделген хеджирлөө объектиси боюнча акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөтүнө жана суммасына карата базалык пайыздык ставкалар реформасынын натыйжасында пайда болгон айкын эместик мындан ары болбогон хеджирлөө объектисине; жана

(b) базалык пайыздык ставкалардын негизинде хеджирлөө инструментинин акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөтүнө жана суммасына карата базалык пайыздык ставкалар реформасынын натыйжасында пайда болгон айкын эместик мындан ары болбогон хеджирлөө инструментине.

Эгер хеджирлөө объектиси жана хеджирлөө инструменти бөлүгү болуп саналган хеджирлөө мамилелери 102L(a)-пунктунда көрсөтүлгөн күндөн же 102L(b)-пунктунда көрсөтүлгөн күндөн эрте токтотулса, ишкана токтотуу күнүнө карата ушундай хеджирлөөгө 102F-пунктун колдонууну перспективдүү токтотушу керек.

102M Ишкана 102G-пунктун хеджирлөө мамилелерине колдонууну төмөнкү күндөрдүн алда канча эртесинде перспективдүү токтотушу керек:

(a) хеджирленген тобокелдикке, ошондой эле хеджирлөө объектиси же хеджирлөө инструменти боюнча базалык пайыздык ставкалардын негизинде акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөтүнө жана суммасына карата базалык пайыздык ставкалар реформасынын натыйжасында пайда болгон айкын эместик мындан ары болбогондо; жана

(b) өзгөчө учур колдонулган хеджирлөө мамилеси токтотулганда.

© ФОЭС Фонду

102N Объектилер тобун хеджирлөө объектиси катарында же финансылык инструменттер комбинациясын хеджирлөө инструменти катарында аныктоодо ишкана, базалык пайыздык ставкалар реформасынын натыйжасында пайда болгон айкын эместик хеджирленген тобокелдикке жана/же ар бир өзүнчө объект же финансылык инструмент боюнча базалык пайыздык ставкаларга негизделген акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөтүнө жана суммасына карата мындан ары болбогон кырдаалга жараша, 102J, 102K, 102L же 102M-пункттарына ылайык ушул объектиге же финансылык инструментке 102D – 102G-пункттарын колдонууну перспективдүү токтотушу керек.

## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

103 Ишкана ушул стандартты (2004-ж. мартында чыккан түзөтүүлөрдү кошкондо) 2005-ж. 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Ишкана ушул стандартты (2004-ж. мартында чыккан түзөтүүлөрдү кошкондо) 2005-ж. 1-январына чейин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонбошу керек, ал ФОЭС (IAS) 32ни дагы (2003-ж. декабрында чыккан) колдонгон учурлардан тышкары. Эгер ишкана ушул стандартты 2005-ж. 1-январына чейин башталган мезгилге карата колдонсо, анда ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

103A [Алып салынган]

103B [Алып салынган]

103C ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында колдонулуучу терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Андан тышкары ал 95(a), 97, 98, 100, 102, 108 жана AG99B-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Эгер ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, аталган түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулушу керек.

103D Алып салынган

103E ФОЭС (IAS) 27 (2008-жылдагы түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 102-пунктка түзөтүү киргизди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-июлунан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Эгер ишкана ФОЭС (IAS) 27ни (2008-жылдагы түзөтүүлөр менен) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, аталган түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулушу керек.

103F Алып салынган

103G Ишкана AG99BA, AG99E, AG99F, AG110D жана AG110B-пункттарын *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык 2009-ж. 1-июлунан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана *«Уруксат берилген хеджирлөө объектилери»* басылмасын (ФОЭС (IAS) 39га түзөтүүлөр) 2009-ж. 1-июлуна чейин башталган мезгилдерге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

103H–103J [Алып салынган]

103K 2009-жылдын апрелинде чыккан *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы 2(g), 97 жана 100-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана аталган пункттардагы түзөтүүлөрдү колдонуу мөөнөтү бүтө элек бардык келишимдерге, 2010-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

103L–103P [Алып салынган]

103Q 2011-жылдын майында чыккан ФОЭС (IFRS) 13 9, 13, 28, 47, 88, AG46, AG52, AG64, AG76, AG76A, AG80, AG81 жана AG96-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди, 43А-пунктун кошту жана 48 - 49, AG69 - AG75, AG77 - AG79 жана AG82-пункттарын алып салды. Ишкана ФОЭС (IFRS) 13тү колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

103R 2012-жылдын октябрында чыккан *«Инвестициялык ишканалар* (ФОЭС (IFRS) 10го а, ФОЭС (IFRS) 12ге жана ФОЭС (IAS) 27ге түзөтүүлөр)» документи 2 жана 80-пункттарга өзгөртүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2014-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. *«Инвестициялык ишканалар»* документин мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана ушул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонсо, ал *«Инвестициялык ишканалар»* документинин курамына киргизилген бардык түзөтүүлөрдү бир эле убакта колдонушу керек.

103S [Алып салынган]

103T 2014-жылдын майында чыккан *“Сатып алуучулар менен болгон келишимдер боюнча түшкөн киреше”* ФОЭС (IFRS) 15 2, 9, 43, 47, 55, AG2, AG4 жана AG48-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди жана 2A, 44A, 55A жана AG8A – AG8C-пункттарын кошту. Ишкана ФОЭС (IFRS) 15ти колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

103U 2014-жылдын июлунда чыккан ФОЭС (IFRS) 9 2, 8, 9, 71, 88–90, 96, AG95, AG114, AG118 пункттарына жана AG133төн жогорку аталышка түзөтүүлөрдү киргизди жана 1, 4–7, 10–70, 79, 103B, 103D, 103F, 103H – 103J, 103L – 103P, 103S, 105–107A, 108E – 108F, AG1 – AG93 жана AG96-пункттарын алып салды. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

103V *(Ушул пункт ФОЭС (IFRS) 9ду колдонбогон ишкана үчүн кошулган.]*

104 Ушул стандарт, 108-пунктта көрсөтүлгөн учурлардан тышкары, ретроспективдүү колдонулушу керек. Көрсөтүлгөн мезгилдердин эң эртеси үчүн бөлүштүрүлбөгөн пайданын баштапкы калдыгы жана башка салыштырмалуу суммалар, маалыматты кайра эсептөө мүмкүн болбогон учурлардан тышкары, ушул стандарт дайыма колдонула тургандай оңдоп-түзөлүшү керек. Эгер кайра эсептөө парктикада мүмкүн эмес болсо, анда ишкана ушул фактыны ачып көрсөтүүгө жана маалымат кайра эсептелген баскычты көрсөтүүгө тийиш.

105–107A [Алып салынган]

108 Ишкана ушул стандарт алгачкы колдонулган финансылык жыл башталганга чейин баланстык наркка киргизилген акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөгө тийиштүү кирешелерди жана зыяндарды алып салуу үчүн финансылык эмес активдердин жана финансылык эмес милдеттенмелердин баланстык наркын оңдоп-түзөтпөшү керек. Ушул

стандарт алгачкы колдонулган финансылык мезгилдин башында ушул стандартка ылайык адилет наркты хеджирлөө катарында эске алынуучу бекемделген келишимдик милдеттенмени хеджирлөө боюнча пайдадан же зыяндан тышкары (башка жыйынды кирешенин курамында же түздөн-түз капиталда) таанылган суммалар, валюталык тобокелдикти хеджирлөөдөн тышкары, акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө катарында эсепке алуу улантылган активге же милдеттенмеге кайра классификацияланышы керек.

108A Ишкана 80-пункттун акыркы сүйлөмүн жана AG99A, AG99B-пункттарын 2006-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Эгер ишкана хеджирлөө объекти катары тышкы болжолдонгон операцияны классификацияласа, ал

(a) бүтүм түзүп жаткан ишкананын колдонуудагы валютасында көрсөтүлсө (деноминацияланса),

(b) бириктирилген пайдага же бириктирилген зыянга таасир берүүчү тобокелдиктин пайда болушуна алып келсе (б.а. топтун отчеттуулугу тапшыруу валютасынан айырмаланган валютада көрсөтүлсө), жана

(c) эгер ушул бүтүмдү түзүп жаткан ишкананын функционалдык валютасында көрсөтүлбөсө, хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин канааттандырса,

ал 80-пункттун акыркы сүйлөмүн жана AG99A, AG99B-пункттарын колдонуу күнүнө чейин мезгил (мезгилдер) үчүн бириктирилген финансылык отчеттуулукта хеджирлөө эсебин колдоно алат.

108B Ишкана 80-пункттун акыркы сүйлөмүн жана AG99A-пунктун колдонуу күнүнө чейинки мезгилдерге тийиштүү салыштырмалуу маалыматка карата AG99B-пунктун колдонууга милдеттүү эмес.

108C 2008-жылдын майында чыккан *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы 73 жана AG8-пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди. 80-пункт 2009-жылдын апрелинде чыккан *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы менен кошулган. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

108D 2013-жылдын июнунда чыккан *«Туунду инструменттердин новациясы жана хеджирлөөнү эсепке алууну улантуу»* (ФОЭС (IAS) 39га түзөтүүлөр) документи 91 жана 101-пункттарга өзгөртүү киргизди жана AG113A-пунктун кошту. Ишкана ушул пункттардын редакциясын 2014-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана ушул түзөтүүлөрдү мөөнөтүнөн мурда колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

108E–108F Алып салынган.

© ФОЭС Фонду

108G ФОЭС 9га, ФОЭС (IAS) 39га жана ФОЭС 7ге түзөтүүлөрдү киргизген, 2009-жылдын сентябрында чыккан *«Базалык пайыздык ставканын реформасы»* 102A – 102N-пункттарын кошту. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2020-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуп жаткан же кийин аныкталган отчеттук мезгилдин башындагы ошол хеджирлөө мамилелерине карата, ошондой эле ишкана ушул түзөтүүлөрдү алгачкы колдонуп жаткан отчеттук мезгилдин башындагы башка жыйынды кирешеде таанылган пайдага же зыянга карата ушул түзөтүүлөрдү ретроспективдүү колдонушу керек.

## Башка ченемдик документтердин колдонулушун токтотуу

109 Ушул стандарт 2000-жылдын октябрында кайра каралган *«Финансылык инструменттер: таануу жана баалоо»* ФОЭС (IAS) 39ду алмаштырат.

110 Ушул стандарт жана ага карата Өздөштүрүү боюнча колдонмо мурдагы ФОЭСК тарабынан түзүлгөн ФОЭС (IAS) 39ду өздөштүрүү боюнча комитети чыгарган Өздөштүрүү боюнча колдонмону алмаштырат.

# А тиркемеси
# Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

AG1–AG93 [Алып салынган]

## Хеджирлөө (71 – 102-пункттар)

### Хеджирлөө инструменттери (72 – 77-пункттар)

#### Квалификацияланууучу хеджирлөө инструменттери (72 жана 73-пункттар)

AG94 Ишкана чыгарган опциондон тартылган потенциалдуу зыяндар тийиштүү хеджирлөө объектисинин наркынын потенциалдуу жогорулашынан бир кыйла көп болушу мүмкүн. Башкача айтканда, чыгарылган опцион хеджирлөө объекти боюнча пайданын же зыяндын өзгөрүү тобокелдигин азайтуу үчүн натыйжасыз. Ошондуктан, чыгарылган опцион хеджирлөө инструментинин талаптарын канааттандыра албайт, ал сатып алынган опцион үчүн, анын ичинен башка финансылык инструментке камтылган опцион үчүн (мисалы, чакырып алынган милдеттенмени хеджирлөө үчүн колдонулуучу сатып алууга чыгарылган опцион) компенсация катарында аныкталган учурлардан тышкары. Жана тескерисинче, сатып алынган опцион зыян менен бирдей же андан көп потенциалдуу пайдага ээ, ошондуктан адилет нарктын же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүшүнөн алынган пайда же зыян тобокелдигин азайтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Натыйжада, ал хеджирлөө инструментинин талаптарын канааттандыра алат.

AG95 Амортизацияланган нарк боюнча бааланууучу финансылык актив валюталык тобокелдиктерди хеджирлөөдө хеджирлөө инструменти катарында классификацияланышы мүмкүн.

AG96 [Алып салынган]

AG97 Ишкананын өздүк үлүштүк инструменттери анын финансылык активдери же финансылык милдеттенмелери болуп саналбайт, натыйжада хеджирлөө инструменттери катарында аныкталбайт.

### Хеджирлөө объектилери (78 – 84-пункттар)

#### Квалификацияланууучу хеджирлөө объектилери (78 – 80-пункттар)

AG98 Бизнести бириктирүүнүн жүрүшүндө бизнести сатып алуу боюнча бекемделген келишимдик милдеттенме, валюталык тобокелдиктен тышкары, хеджирлөө объекти боло албайт. Бул башка хеджирленген тобокелдиктерди так аныктоо жана баалоо мүмкүн эместигине байланышкан. Ушул башка тобокелдиктер жалпы иш тобокелдиктери болуп саналат.

AG99 Үлүштүк катышуу методу боюнча эске алынган инвестиция адилет наркты хеджирлөөдө хеджирлөө объекти боло албайт, анткени үлүштүк катышуу методунун алкагында пайданын же зыяндын курамында, инвестициянын адилет наркынын өзгөрүшү эмес, ассоциацияланган ишкананын пайдасына жана зыянына инвестордун катышуу үлүшү таанылат. Ушундай эле себеп менен бириктирилген туунду ишканага салынган

инвестиция хеджирлөөдө хеджирлөө объекти боло албайт, анткени бириктирүүдө пайданын же зыяндын курамында, инвестициянын адилет наркынын өзгөрүшү эмес, туунду ишкананын пайдасы же зыяны таанылат. Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияны хеджирлөөдө абал башкача, анткени ал инвестициянын наркындагы өзгөрүүнүн адилет наркын хеджирлөө эмес, валюталык тобокелдикти хеджирлөө болуп саналат.

AG99A 80-пунктка ылайык бириктирилген финансылык отчеттуулукта толук ыктымалдуу болгон болжолдонуучу ички топтун операциясы боюнча валюталык тобокелдик, мындай операцияны жүзөгө ашырган ишкананын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада көрсөтүлгөн, ал эми валюталык тобокелдик бириктирилген пайдага же бириктирилген зыянга таасир тийгизген шартта, акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөдө хеджирлөө объектисинин критерийлерин канааттандыра алат. Жогоруда баяндалган максаттарда ишкананын абалы башкы ишкана, туунду ишкана, ассоциацияланган ишкана, биргелешкен ишкана же филиал болушу мүмкүн. Эгер болжолдонгон ички топтун операциясы боюнча валюталык тобокелдик бириктирилген пайдага же бириктирилген зыянга таасир тийгизбесе, анда ички топтук операция хеджирлөө объектисинин критерийлерин канааттандырбайт. Бул көбүнчө бир эле топтун мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерде, аларга байланышкан тышкы операция болбогондо, башкаруу үчүн роялти, пайыздарды жана комиссияларды төлөөдө туура болот. Ошентсе да, эгер болжолдонуучу ички топтун операциясы боюнча валюталык тобокелдик бириктирилген пайдага же бириктирилген зыянга таасир тийгизсе, анда ички топтун операциясын хеджирлөө объекти катарында классификацияласа болот. Мисал катарында бир эле топтун мүчөлөрүнүн ортосунда запастарды болжолдуу сатууну же сатып алууну, андан кийин топко карата тышкы болуп саналган тарапка запастарды сатууну караса болот. Ушундай эле, жабдууну чыгарган топтун катышуучусу сатуучу болуп саналган, ал эми сатып алуучу болуп – ушул жабдууну өзүнүн ишмердүүлүгүндө колдоно турган топтун башка катышуучусу саналган болжолдонгон ички топтун ушундай жабдууну сатуусу бириктирилген пайдага же бириктирилген зыянга таасир тийгизе алат. Мисалы, болжолдонуучу ички топтун операциясы сатып алуучу ишкананын колдонуудагы валютасынан айырмаланган валютада көрсөтүлгөн учурда, бул сатып алуучу ишкананын жабдууну амортизациялоосунун жана жабдуунун баштапкы таанылган наркынын өзгөрүшүнүн натыйжасында болушу мүмкүн.

AG99B Эгер болжолдонуучу ички топтун операциясын хеджирлөө хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин канаттандырса, 95(а)-пунктуна ылайык башка жыйынды кирешенин курамында таанылган бардык пайда же бардык зыян капиталдын курамынан чыгарылышы керек жана хеджирленген операция боюнча валюталык тобокелдик бириктирилген пайдага же бириктирилген зыянга таасир тийгизген ошол мезгил же мезгилдер үчүн кайра классификациялоодо пайданын же зыяндын курамында оңдоп-түзөө катарында таанылышы керек.

AG99BA Ишкана хеджирлөөдө акча каражаттарынын агымдарындагы же хеджирлөө объектисинин адилет наркындагы бардык өзгөрүүлөрдү аныктай алат. Ошондой эле ишкана акча каражаттарынын агымдарындагы же хеджирлөө объектисинин адилет наркындагы көрсөтүлгөн баадан жогору же төмөн же башка өзгөрүлмө (бир тараптуу тобокелдик) ушундай өзгөрүүлөрдү гана аныктай алат. Опционду хеджирлөөнүн сатып алынган инструментинин убакыт ичиндеги наркы эмес, анын ички наркы (аны классификацияланган тобокелдиктей эле, ошондой негизги шарттар менен мүнөздөөгө жол берилгенде) хеджирлөө объекти боюнча бир тараптуу тобокелдикти чагылдырат. Мисалы, ишкана товарларды болжолдуу сатып алуу баасынын жогорулашынын

натыйжасында акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын туруксуздугун аныктай алат. Мындай кырдаалда баанын белгиленген деңгээлден жогорулашынын натыйжасында акча каражаттарынын агымдарынын кыскаруусу гана аныкталат. Хеджирленген тобокелдик сатып алынган опциондун убакыт ичиндеги наркын камтыбайт, анткени убакыт ичиндеги нарк пайдага же зыянга таасир тийгизген болжолдонуучу операциянын компоненти болуп саналбайт (86(b)-пунктун караңыз).

## Финансылык беренелерди хеджирлөө объектилери катары аныктоо (81 жана 81А-пункттары)

AG99C Эгер финансылык активден же финансылык милдеттенмеден түшкөн акча каражаттарынын агымдарынын бөлүгү хеджирлөө объекти катарында аныкталса, анда бул белгиленген бөлүк ушул активден же милдеттенмеден түшкөн жалпы акча каражаттарынын агымдарынан аз болушу керек. Мисалы, натыйжалуу пайыздык ставка ЛИБОР ставкасынан төмөн болгон милдеттенме боюнча, ишкана (a) негизги суммага барабар милдеттенменин бөлүгүн плюс ЛИБОР ставкасы боюнча пайыздарды жана (b) терс калган бөлүгүн аныктай албайт. Бирок ишкана бүтүндөй финансылык активден же финансылык милдеттенмеден түшкөн бардык акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө объекти катарында аныктай алат жана аларды бир конкреттүү тобокелдиктен гана хеджирлей алат (мисалы, ЛИБОР ставкасынын өзгөрүүлөрүнө тийиштүү өзгөрүүлөр тобокелдиги). Мисалы, 100 базистик пунктка карата натыйжалуу пайыздык ставкасы ЛИБОР ставкасынан төмөн финансылык милдеттенме боюнча, ишкана хеджирлөө объекти катарында бүтүндөй милдеттенмени аныктай алат (б.а. негизги сумма плюс ЛИБОР ставкасы боюнча пайыздар минус 100 базистик пункттар) жана ЛИБОР ставкасынын өзгөрүүлөрүнө тийиштүү бүтүндөй милдеттенмеден түшкөн акча каражаттарынын агымдарынын же адилет нарктын өзгөрүүсүн хеджирлей алат. Ошондой эле ишкана AG100-пунктунда сыпатталгандай, хеджирлөө натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бирден бир катыштан айырмаланган хеджирлөө коэффициентин тандай алат.

AG99D Андан тышкары, эгер бекитилген ставкадагы финансылык инструмент пайда болгондон тартып бир нече убакыттан кийин хеджирленсе жана ушул убакыттын ичинде пайыздык ставкалар өзгөрүлсө, анда ишкана ушул объект боюнча төлөнүүчү келишимдик ставкадан жогору турган баштапкы ставкага барабар бөлүгүн аныктай алат. Ишкана хеджирлөө объектини биринчи аныктаган учурда ишкана инструментти сатып алгандыгы жөнүндөгү болжолду эске алуу менен эсептелген натыйжалуу пайыздык ставкадан баштапкы ставка төмөн болгон шартта, ишкана муну жасай алат. Мисалы, ишкана бекитилген ставкадагы финансылык активди түздү дейли, ушул активдин көлөмү 100 а.б. түзөт, ал эми ЛИБОР ставкасы 4%га барабар болгон учурда, анын натыйжалуу пайыздык ставкасы 6%га барабар. Ал бир нече убакыттан кийин ЛИБОР ставкасы 8 пайызга жогорулаганда, ал эми активдин адилет наркы 90 а.б. чейин төмөндөгөндө, ушул активди хеджирлеп баштайт. Ишкананын эсептөөлөрүнө ылайык, эгер ал ушул активди ошол убакта 90 а.б. барабар адилет нарк боюнча хеджирлөө объекти катарында биринчи аныктаган учурда активди сатып алган болсо, анда иш жүзүндөгү киреше 9,5 пайызды түзмөк. ЛИБОР ставкасы ушул иш жүзүндөгү кирешеден төмөн болгондуктан, ишкана бир бөлүгү келишимдик пайыздык ставка боюнча акча каражаттарынын агымдарынан турган жана бир бөлүгү учурдагы адилет нарк менен (б.а. 90 а.б.) мөөнөтү келгенде төлөнүүчү сумманын (б.а. 100 а.б.) ортосундагы айырмага барабар көлөмдөн турган 8 пайызга барабар ЛИБОР ставкасы боюнча бөлүктү аныктай алат.

AG99E 81-пункт ишканага финансылык инструменттин адилет наркынын жалпы өзгөрүүсү же акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүсү болуп саналбаган айрым башка көлөмдү аныктоого уруксат берет. Мисалы:

(a) финансылык инструменттин бардык акча каражаттарынын агымдары айрым (бирок бардыгына эмес) тобокелдиктерге таандык акча каражаттарынын агымдарындагы же адилет нарктагы өзгөрүүлөр үчүн аныкталышы мүмкүн; же

(b) финансылык инструменттин айрым (бирок бардык эмес) акча каражаттарынын агымдары бардык же айрым гана тобокелдиктерге таандык акча каражаттарынын агымдарындагы же адилет нарктагы өзгөрүүлөр үчүн аныкталышы мүмкүн (б.а. финансылык инструменттин акча каражаттарынын агымдарынын 'бөлүгү' бардык же айрым гана тобокелдиктерге таандык өзгөрүүлөр үчүн аныкталышы мүмкүн).

AG99F Хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин канаттандыруу үчүн белгилүү бир тобокелдиктер жана бөлүктөр финансылык инструменттин өзүнчө идентификациялануучу компоненттерин билдириши керек, ал эми белгилүү бир тобокелдиктердеги же бөлүктөрдөгү өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болуучу бүтүндөй финансылык инструменттин акча каражаттарынын агымдарынын жана адилет наркынын өзгөрүүлөрү жетиштүү ишенимдүүлүк баскычы менен баалануучу тийиш. Мисалы:

(a) эгер бекитилген ставкадагы финансылык инструмент тобокелдиксиз же базалык пайыздык ставканын өзгөрүүсүнө таандык адилет нарктын өзгөрүүсүнө карата хеджирленсе, анда тобокелдиксиз же базалык пайыздык ставка, эрежедегидей, финансылык инструменттин өзүнчө идентификацияланууучу компоненти катары да , жетиштүү ишенимдүү баалануучу катары да бааланат;

(b) инфляция өзүнчө идентификацияланууучу дагы, жетиштүү ишенимдүүлүк баскычы менен баалануучу дагы болбойт жана (c) пунктунун талаптары аткарылган учурлардан тышкары, тобокелдик катарында дагы же финансылык инструменттин бөлүгү катарында дагы аныкталышы мүмкүн эмес;

(c) келишимге ылайык аныкталган, инфляцияга байлаштырылган таанылган облигациянын акча каражаттарынын агымдарынын инфляциялык түзүмү (камтылган туунду инструментти өзүнчө эсепке алуу талап кылынбаганда), инфляциялык түзүм инструменттин башка акча каражаттарынын агымдарына таасир этпегенге чейин өзүнчө идентификацияланууучу жана жетиштүү ишенимдүү баалануучу болот.

### Финансылык эмес объектилерди хеджирлөө объектилери катарында аныктоо (82-пункт)

AG100 Финансылык эмес активдин же финансылык эмес милдеттенменин курамдык бөлүгүнүн же элементинин баасынын өзгөрүүлөрү, эрежедегидей, мисалы, рыноктук пайыздык ставкалардын өзгөрүүлөрү облигациянын курсуна тийгизген таасир менен салыштырылган бүтүндөй берененин баасына болжолдуу, өзүнчө бааланган таасир тийгизбейт. Ошентип, финансылык эмес актив же финансылык эмес милдеттенме толугу менен гана же валюталык тобокелдикке таандык бөлүгү хеджирлөө объекти болуп саналат. Эгер хеджирлөө инструменти менен хеджирлөө объектисинин шарттарынын ортосунда айырма болсо (мисалы, бразилиялык кофени болжолдуу сатып алууну ушундай эле шарттарда колумбиялык кофени сатып алууга карата форварддык келишимди колдонуу менен

хеджирлөөдө), хеджирлөөнүн күтүлүүчү жогорку натыйжалуулугу жөнүндөгү талапты кошкондо, 88-пункттун бардык талаптары аткарылган шартта, хеджирлөө мамилеси дагы деле ушундай квалификацияланышы мүмкүн. Ушул максаттарда хеджирлөө инструментинин көлөмү хеджирлөө объектисинин көлөмүнөн көп же аз болушу мүмкүн, эгер бул хеджирлөө мамилесинин натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берсе. Мисалы, хеджирлөө объекти менен (мисалы, бразилиялык кофе менен болгон операция) хеджирлөө инструментинин (мисалы, колумбиялык кофе менен болгон операция) ортосундагы статистикалык байланышты аныктоо үчүн регрессиондук талдоо жүргүзүлүшү мүмкүн. Эгер эки өзгөрүлмөнүн ортосунда (б.а. бразилиялык кофе жана колумбиялык кофе бирдигине болгон баалардын ортосунда) туура статистикалык өз ара байланыш болсо, анда регрессия жантайынкы сызыгын күтүлүүчү натыйжалуулукту жогорулаткан хеджирлөө коэффициентин аныктоо үчүн колдонууга болот. Мисалы, эгер регрессия сызыгынын жантайышы 1,02 барабар болсо, анда 0,98 сандагы хеджирлөө объектисинин 1, 00 өлчөмүндөгү хеджирлөө инструментине карата катышына негизделген хеджирлөө коэффициенти күтүлүүчү натыйжалуулукту жогорулатат. Бирок хеджирлөө мамилеси хеджирлөө мамилесинин ичинде пайданын же зыяндын курамында таанылган натыйжасыздыкка алып келишим мүмкүн.

## Объектилер тобун хеджирлөө объектилери катары аныктоо (83 жана 84-пункттар)

AG101 Конкреттүү хеджирлөө объектисин эмес, жалпы таза позицияны хеджирлөө (мисалы, бирдей төлөө мөөнөтүнө ээ, белгиленген ставкадагы бардык активдердин жана милдеттенмелердин нетто-көлөмдөрү) хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын канааттандырбайт. Бирок объектилердин негизинде жаткан бөлүктү хеджирлөө объекти катарында аныктоо менен ушул хеджирлөө мамилесинин тиби үчүн хеджирлөөнү эсепке алууда пайдага же зыянга тийгизген ушундай эле таасирге жетишүүгө болот. Мисалы, банктын активдери 100 а.б. түзөт, ал эми ушундай тобокелдиктер жана шарттар менен милдеттенмелер - 90 а.б. Эгер банк 10 а.б. өлчөмүндөгү сальдону хеджирлесе, ал хеджирлөө объекти катарында 10 а.б. суммадагы активдерди аныктай алат. Ушул аныктама ушундай активдер жана милдеттенмелер белгиленген пайыздык ставкадагы инструменттер болуп саналган учурда колдонулушу мүмкүн; мындай учурда бул – адилет наркты хеджирлөө болот, же алар өзгөрүлмө пайыздык ставкадагы инструменттер болуп саналса, бул – акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө болот. Ушундай эле, эгер ишкананы чет өлкөлүк валютада 100 а.б. суммасына сатып алууга бекемделген келишимдик милдеттенме болсо жана чет өлкөлүк валютада 90 а.б. суммасына сатууга бекемделген келишимдик милдеттенме болсо, анда ал туунду инструментти сатып алуу жана аны 100 а.б. өлчөмүндө сатып алууга бекемделген келишимдик милдеттенменин бөлүгү болгон 10 а.б. менен байланышкан хеджирлөө инструменти катарында аныктоо аркылуу 10 а.б. нетто-көлөмүн хеджирлей алат.

## Хеджирлөө операцияларын эсепке алуу (85 – 102-пункттар)

AG102 Адилет наркты хеджирлөөнүн мисалы болуп пайыздык ставкалардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында бекитилген ставкадагы карыздык инструменттин адилет наркынын өзгөрүү тобокелдигин хеджирлөө саналат. Мындай хеджирлөө финансылык инструменттин эмитенти же ээси тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

AG103 Акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн мисалы болуп өзгөрүлмө ставкадагы карызды бекитилген ставкадагы карызга айлантуу үчүн свопту колдонуу саналат (б.а.

© ФОЭС Фонду

хеджирленген келечектеги акча каражаттарынын агымдары болуп алдыдагы пайыздар боюнча төлөмдөр саналган келечектеги операцияны хеджирлөө).

AG104 Бекемделген келишимдик милдеттенмени хеджирлөө болуп (мисалы, энергетикалык компаниянын финансылык абал жөнүндөгү отчетунда таанылбаган, отунду бекитилген баада сатып алуу боюнча келишимдик милдеттенмеге байланышкан отундун баасындагы өзгөрүүнү хеджирлөө) адилет нарктын өзгөрүү тобокелдигин хеджирлөө саналат. Натыйжада, мындай хеджирлөө адилет наркты хеджирлөө болуп саналат. Бирок, 87-пунктка ылайык альтернатива катарында бекемделген келишимдик милдеттенме боюнча валюталык тобокелдикти хеджирлөө акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө катарында эске алынышы мүмкүн.

## Хеджирлөөнүн натыйжалуулугун баалоо

AG105 Хеджирлөө төмөнкүдөй эки шартты канааттандырганда гана жогорку натыйжалуу болуп саналат:

(a) Хеджирлөөнүн башында жана андан кийинки мезгилдерде хеджирлөө хеджирлөө аныкталуучу мезгилдин ичинде адилет нарктын же акча каражаттарынын кыймылынын хеджирленген өзгөрүү тобокелдигине таандык өз ара чегеришүүнү камсыздаган жогорку натыйжалуу инструмент болот деп күтүлөт. Мындай божомолдорду түрдүү жолдор менен көрсөтсө болот, хеджирленген тобокелдикке таандык хеджирлөө объектисинин адилет наркынын же ачка каражаттарынын кыймылынын мурдагы өзгөрүүлөрүн хеджирленген инструменттин адилет наркынын же ачка каражаттарынын кыймылынын мурдагы өзгөрүүлөрүнө салыштыруу менен же болбосо хеджирлөө объектисинин же хеджирлөө инструментинин адилет наркы менен акча каражаттарынын кыймылынын ортосундагы жогорку статистикалык корреляцияны көрсөтүү менен. Ишкана AG100-пунктунда сыпатталгандай, хеджирлөө натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бирге бир катышынан айырмаланган хеджирлөөдөгү катышты тандай алат.

(b) Хеджирлөөнүн иш жүзүндөгү жыйынтыктары 80-125 пайыз диапазонунда турат. Мисалы, эгер иш жүзүндөгү жыйынтыктар төмөнкүдөй болсо, хеджирлөө инструментинен тартылган зыян 120 а.б. түзсө, ал эми акча инструментинен түшкөн пайда 100 а.б. барабар болсо, анда өз ара чегерүү жыйынтыгын 120/100 деңгээлинде баалоого болот, башкача айтканда 120 пайыз же 100/120, башкача айтканда 83 пайыз. Бул мисалда, эгер хеджирлөө (а) пунктунун шартын канааттандырса, ишкана хеджирлөө жогорку натыйжалуу болду деп корутунду чыгарса болот.

AG106 Хеджирлөөнүн натыйжалуулугун баалоо эң аз дегенде, ишкананын жылдык же аралык финансылык отчеттуулугун даярдоо учурунда жүргүзүлүүгө тийиш.

AG107 Ушул стандартта хеджирлөө натыйжалуулугун баалоонун бирдиктүү методу белгиленбейт. Хеджирлөө натыйжалуулугун баалоо үчүн ишкана тарабынан кабыл алынган метод тобокелдикти башкаруу стратегиясына көз каранды. Мисалы, эгер ишкананын тобокелдикти башкаруу стратегиясы хеджирленген позициядагы өзгөрүүлөрдү чагылдыруу үчүн хеджирлөө инструментинин суммасын мезгил-мезгил менен оңдоп-түзөөдө турса, анда хеджирлөө ишкана анын күтүүсүнө ылайык хеджирлөө инструментинин суммасын кийинки оңдоп-түзөөгө чейинки мезгилдин ичинде гана жогорку натыйжалуу боло тургандыгын көрсөтүүсү зарыл. Айрым учурларда ишкана ар

түрдүү хеджирлөө үчүн түрдүү методдорду колдонот. Ушул жол-жоболордо хеджирлөө инструментинен түшкөн бүтүндөй пайда же зыян бааланар/бааланбасы же хеджирлөө инструментинин убакыт ичиндеги наркы кароодон алынар/алынбасы көрсөтүлөт.

AG107A Эгер ишкана объектиге болгон таасирдин 100 пайызынан азын, мисалы, 85 пайызын хеджирлесе, анда ал хеджирлөө объектисин таасирдин 85 пайызына барабар катарында аныкташы керек жана хеджирлөөнүн натыйжасыздыгын ушул белгиленген 85 пайыздык таасирдин өзгөрүүсүнүн негизинде баалашы керек. Бирок, эгер бул AG100-пунктунда түшүндүрүлгөндөй, күтүлүүчү хеджирлөө натыйжалуулугун жогорулатса, белгиленген 85 пайыздык таасирди хеджирлөөдө ишкана бирге бир катышынан айырмаланган хеджирлөө коэффициентин колдоно алат.

AG108 Хеджирлөө инструментинин жана хеджирленген активдин, милдеттенменин, бекемделген келишимдик милдеттенменин же хеджирленген тобокелдикке таандык адилет нарктын жана акча каражаттарынын агымдарынын өзгөрүүлөрүнүн толук ыктымалдуу болгон болжолдонгон операциясынын негизги шарттары бирдей болгондо, хеджирлөөнүн башында дагы, андан кийин аны жүргүзүүдө дагы бири-бирин толугу менен компенсациялай алат. Мисалы, эгер пайыздык ставканын номиналдуу жана негизги суммалары, мөөнөттөрү, кайра кароо күндөрү, пайыздарды жана негизги сумманы алуу жана төлөө күндөрү, ошондой эле пайыздык ставканы баалоо негизи хеджирлөө инструменти жана хеджирлөө объекти үчүн бирдей болсо, пайыздык своп натыйжалуу хеджирлөө ыкмасы болушу мүмкүн. Андан тышкары, форварддык келишим боюнча товарды толук ыктымал болгон болжолдонгон сатып алууну хеджирлөө жогорку натыйжалуу болот, эгер:

(a) ошол товардын ошол санын сатып алууга форварддык келишими хеджирленген болжолдонгон сатып алуу жүргүзүлгөн ошол убакта жана ошол жерде бекитилсе;

(b) форварддык келишимдин адилет наркы эң башында нөлгө барабар болсо;

(c) форварддык келишим боюнча дисконтту же премияны өзгөртүү натыйжалуулукту баалоодон алып салынса жана пайданын же зыяндын курамында таанылса же болбосо толук ыктымал болжолдонгон операциядан алынуучу болжолдонгон акча каражаттарынын агымдарын өзгөртүү ушул товардын форварддык баасына негизделсе.

AG109 Кээде хеджирлөө инструменти хеджирленген тобокелдиктин бөлүгүн гана компенсациялайт. Мисалы, хеджирлөө инструменти жана хеджирлөө объекти бири-бирине карата өзгөрүлбөгөн түрдүү валюталарда көрсөтүлсө, хеджирлөөнү толугу менен натыйжалуу деп эсептегенге болбойт. Андан тышкары, эгер туунду инструменттин адилет наркынын өзгөрүү бөлүгү контрагенттин кредиттик тобокелдигине таандык болсо, туунду инструменттин жардамы менен пайыздык тобокелдикти хеджирлөө толугу менен натыйжалуу болбойт.

AG110 Хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарына жооп бериш үчүн хеджирлөө бүтүндөй ишкананын бизнес ишмердүүлүгүнүн тобокелдиктерине эмес, конкреттүү аныкталган жана белгиленген тобокелдиктерге таандык болушу керек, ошол эле учурда хеджирлөө, аягында, ишкананын пайдасына же зыянына таасир тийгизиши керек. Мамлекет тарабынан активдердин моралдык эскирүү тобокелдигин же мүлктү конфискациялоо тобокелдигин хеджирлөө хеджирлөө эсебине туура келбейт; мындай учурларда натыйжалуулук

© ФОЭС Фонду

баскычын баалоого болбойт, анткени аталган тобокелдиктерди ишенимдүү баалоо мүмкүн эмес.

AG110A 74(а)-пункту ишканага опциондун ички наркын жана убакыт ичиндеги наркын ажыратууга жана хеджирлөө инструменти катарында опциондун ички наркынын өзгөрүшүн гана аныктоого уруксат берет. Мындай аныктама болжолдонгон операция боюнча хеджирленген бир тараптуу тобокелдикке таандык акча каражаттарынын агымдарындагы компенсациялоочу өзгөрүүлөргө жетишүүдө өтө натыйжалуу болгон хеджирлөө мамилелерине алып келиши мүмкүн, бирок, эгер болжолдонгон операциянын негизги шарттары хеджирлөө инструментинин негизги шарттары менен дал келсе гана.

AG110B Эгер ишкана сатып алынган бүтүндөй опционду болжолдонгон операциянын натыйжасында пайда болуучу бир тараптуу тобокелдикти хеджирлөө инструменти катарында аныктаса, анда хеджирлөө мамилелери жогору натыйжалуу болбойт. Мунун себеби опцион үчүн төлөнгөн премия, AG99BA-пунктунда көрсөтүлгөндөй, убакыт ичиндеги наркты камтыйт, бир тараптуу тобокелдик опциондун убакыт ичиндеги наркын камтыбайт. Натыйжада, мындай кырдаалда опцион боюнча төлөнгөн премиянын убакыт ичиндеги наркына байланышкан акча каражаттарынын агымдары жана белгиленген хеджирленген тобокелдик компенсацияланбайт.

AG111 Пайыздык тобокелдиктин учурунда хеджирлөө натыйжалуулугун ар бир убакыт аралыгында таза пайыздык позицияны чагылдырган финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер боюнча төлөмдөрдүн мөөнөт графигин даярдоо менен бааласа болот, таза позиция таза позицияга алып келүүчү конкреттүү актив же милдеттенме (же активдердин же милдеттенмелердин конкреттүү тобу же алардын белгилүү бир бөлүгү) менен байланышкан, ал эми хеджирлөө натыйжалуулугу ушул активге же милдеттенмеге карата бааланган шартта.

AG112 Хеджирлөө натыйжалуулугун баалоодо ишкана, эрежедегидей, акчанын убакыт ичиндеги наркын эске алат. Хеджирлөө объекти боюнча бекитилген пайыздык ставканын адилет наркты хеджирлөө катарында чыккан своп боюнча бекитилген пайыздык ставка менен дал келиши милдеттүү эмес. Ушундай эле пайыздык актив же милдеттенме боюнча өзгөрүлмө пайыздык ставка акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөө катарында аныкталган своп боюнча өзгөрүлмө пайыздык ставка менен милдеттүү түрдө дал келбейт. Своптун адилет наркы нетто-эсептөөлөрдүн суммасынан келип чыгат. Своп боюнча бекитилген жана өзгөрүлмө ставкалар, экөө тең бир эле көлөмгө өзгөргөн шартта, нетто-эсептөөлөргө таасир тийгизбестен өзгөрүшү мүмкүн.

AG113 Эгер ишкана натыйжалуу хеджирлөө критерийлерине жооп бербесе, анда ал натыйжалуу хеджирлөө критерийлерине шайкештигин көрсөткөн акыркы күндөн тартып хеджирлөө операцияларын эсепке алууну токтотот. Бирок, эгер ишкана хеджирлөө мамилелери натыйжалуулук критерийлерин канааттандырбай калышына себеп болгон окуяны же кырдаалдардын өзгөрүшүн аныктаса жана окуя же кырдаалдардын өзгөрүшү болгонго чейин хеджирлөө натыйжалуу болгондугун көрсөтсө, анда ал окуя же кырдаалдардын өзгөрүшү болгон күндөн тартып хеджирлөө операцияларын эсепке алууну токтотот.

AG113A Башаламандыкты болтурбоо үчүн алгачкы контрагентти клиринг контрагентине алмаштыруунун жана 91(а)(ii) жана 101(а)(ii)-пункттарында сыпатталган тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн натыйжалары хеджирлөө инструментин баалоодо, натыйжада хеджирлөө натыйжалуулугун талдоодо жана хеджирлөө натыйжалуулугун баалоодо чагылдырылышы керек.

## Пайыздык тобокелдикти портфелдик хеджирлөөдө адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу

AG114 Финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин портфели менен байланышкан пайыздык ставканын өзгөрүү тобокелдиги боюнча адилет наркты хеджирлөөдө ишкана, эгер ал кийинки (a) - (i) пункттарында жана AG115 - AG132-пункттарында баяндалган жол-жоболорду сактаса, ушул стандарттын талаптарын канааттандырат:

(a) тобокелдиктерди башкаруу процессинин бөлүгү катарында ишкана өзү хеджирлөөнү каалаган беренелер портфелин, пайыздык тобокелдикти аныктайт. Портфель активдерден гана, милдеттенмелерден гана же экөөнөн тең турушу мүмкүн. Ишкана эки же бир нече портфелдерди идентификациялай алат, ошондой эле ал ар бир портфелге өзүнчө төмөнкүдө келтирилген колдонмону пайдаланат;

(b) ишкана пайыздык ставкаларды кайра кароонун келишимдик мөөнөтүнүн эмес, күтүлүүчү мөөнөттүн негизинде пайыздык ставкаларды кайра кароо мезгилдери боюнча портфелди талдайт. Пайыздык ставкаларды кайра кароо мезгилдери боюнча талдоо түрдүү жолдор менен жүргүзүлүшү мүмкүн, анын ичинде акча каражаттарынын кыймылы күтүлүүчү мезгилдерде анын графигин түзүү же пайыздык ставкаларды күтүлүүчү кайра кароо жүргүзүлгөн учурга чейин бардык мезгилдердеги шарттуу негизги суммалардын графигин түзүү;

(c) ушул талдоонун негизинде ишкана кайсы сумманы хеджирлөө керектигин чечет. Ишкана хеджирленген катарында аныктоону каалаган суммага барабар белгиленген портфелден активдердин же милдеттенмелердин суммасын (бирок нетто-көлөмдү эмес) хеджирлөө объекти катарында аныктайт. Ушул сумма ошондой эле AG126(b)-пунктуна ылайык хеджирлөөнүн натыйжалуулугун текшерүү үчүн колдонулган пайыздык көрсөткүчтү аныктайт;

(d) ишкана өзү хеджирлеген пайыздык тобокелдикти аныктайт. Ушул тобокелдик хеджирленген позицияда ар бир беренеге, мисалы, баштапкы пайыздык ставкага (мисалы, ЛИБОР ставкасына) таандык пайыздык тобокелдиктин бөлүгү болушу мүмкүн;

(e) ишкана пайыздык ставканы кайра кароонун ар бир мезгили үчүн бир же бир нече хеджирлөө инструменттерин аныктайт;

(f) (c) - (e) пункттарында хеджирлөө үчүн аныкталган көлөмдөр жөнүндө маалыматты пайдалануу менен ишкана хеджирлөө аныкталган мезгилдин ичинде хеджирлөө жогорку натыйжалуу болор/болбосун хеджирлөөнүн башында жана андан кийинки мезгилдерде баалайт;

(g) ишкана (b) пунктунда аныкталган пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрүнүн негизинде хеджирленген тобокелдик менен байланышкан ((d) пунктунда аныкталган) хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн ((c) пунктунда аныкталган) мезгил-мезгил менен баалайт. Ишкананын документтеринде камтылган натыйжалуулукту баалоо методун колдонуу менен баалоодо хеджирлөө жогорку натыйжалуу болгондугу аныкталган шартта, ишкана хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн пайданын же зыяндын курамында жана 89A-пунктунда сыпатталгандай, финансылык абал жөнүндөгү отчеттун эки

© ФОЭС Фонду

беренесинин биринде киреше же зыян катарында тааныйт. Адилет нарктын өзгөрүшүн өзүнчө активдерге же милдеттенмелерге бөлүштүрүү талап кылынбайт.

(h) ишкана хеджирлөө инструментинин (инструменттеринин) адилет наркынын өзгөрүүсүн баалайт ((e) пунктунда аныкталган) жана аны пайданын же зыяндын курамында киреше же зыян катарында тааныйт. Хеджирлөө инструментинин (инструменттеринин) адилет наркы финансылык абал жөнүндөгү отчетто актив же милдеттенме катарында таанылат;

(i) натыйжасыздык[2] (g) пунктунда аталган адилет нарктын өзгөрүшү менен (h) пунктунда аталган адилет нарктын өзгөрүшүнүн ортосундагы айырма катарында пайдага же зыянга киргизилет.

AG115 Ушул ыкма мындан ары толук сыпатталат. Ушул ыкма финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин портфели менен байланышкан пайыздык ставканын өзгөрүү тобокелдиги боюнча адилет наркты хеджирлөөгө гана колдонулушу керек.

AG116 AG114(a)-пунктунда аныкталган портфель активдерден же милдеттенмелерден турушу мүмкүн. Альтернатива катарында ушул портфель активдерден гана же милдеттенмелерден гана турушу мүмкүн. Ушул портфель ишкана хеджирлөөнү каалаган активдердин же милдеттенмелердин суммаларын аныктоо үчүн колдонулат. Бирок портфелдин өзү хеджирлөө объекти катарында аныкталбайт.

AG117 AG114(b)-пунктун колдонууда ишкана берене боюнча пайыздык ставкаларды кайра кароонун күтүлүүчү күнүн объект боюнча күтүлүүчү төлөө күнүнөн эн эрте күн жана рынок ставкаларына чейин пайыздык ставкаларды кайра кароо күндөрү катарында аныктайт. Пайыздык ставкаларды кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрү мурдагы тажрыйбанын жана башка болгон маалыматтардын негизинде, мөөнөтүнөн мурда төлөө, пайыздык ставкалар деңгээли жана алардын ортосундагы өз ара байланыш боюнча маалыматты жана күтүүлөрдү кошкондо, хеджирлөөнүн башында жана бардык хеджирлөө мөөнөтүнүн ичинде бааланат. Өздүк тажрыйбасы жок же жетиштүү тажрыйбасы жок ишканалар салыштырма финансылык инструменттерге таандык ошол деңгээлдеги ишканалар топторунун тажрыйбасын колдонушат. Ушул эсептик баалоолор тажрыйбаны эске алуу менен мезгил-мезгил менен кайра каралат жана жаңыланат. Бекитилген ставкага ээ жана мөөнөтүнөн мурда төлөнүшү мүмкүн болгон объекттин учурунда пайыздык ставкаларды кайра кароонун күтүлүүчү күнү болуп объект боюнча мөөнөтүнөн мурда төлөө күтүлүүчү күн саналат, буга ал мурунку күнгө карата рынок ставкаларына чейин кайра бааланган учурлар кирбейт. Окшош объектилердин топтору үчүн пайыздык ставкаларды кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрүнүн негизинде убактылуу мезгилдер боюнча талдоо ар бир убактылуу мезгилге өзүнчө объекттердин эмес, бүтүндөй топтун белгилүү бир пайызын бөлүштүрүү формасын кабыл алышы мүмкүн. Ишкана ушундай бөлүштүрүү максаттары үчүн башка методикаларды колдонушу мүмкүн. Мисалы, ал пайыздык ставкаларды кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрүнүн негизинде убактылуу мезгилдерге амортизацияланган зайымдарды бөлүштүрүү үчүн мөөнөтүнөн мурда төлөө деңгээлин көбөйтүүнү колдоно алат. Бирок, ушундай бөлүштүрүү методикасы ишкананын тобокелдиктерди башкаруу жол-жоболоруна жана максаттарына туура келиши керек.

AG118 AG114(c)-пунктуна ылайык хеджирлөө үчүн сумманы аныктоо мисалы катарында төмөнкү кырдаалды келтирсе болот: эгер пайыздык ставкаларды кайра кароонун белгиленген

[2] Ушул контекстте мaанилүүлүктүн бүткүл ФОЭСтердегидей эле мааниси колдонулат.

мезгилинде ишкана өзүнүн активдерин 100 а.б. суммада белгиленген ставка менен жана милдеттенмесин 80 а.б. өлчөмүндө бекитилген ставка менен бааласа жана 20 а.б. барабар бүтүндөй нетто-позицияны хеджирлөөнү чечсе, анда ал хеджирлөө объекти катарында 20 а.б. суммасындагы активдерди (активдердин бөлүгүн) аныктайт.[3] Хеджирлөө үчүн аныкталган көлөм өзүнчө активдер катарында эмес, «акчалай сумма» катарында көрсөтүлөт (мисалы, доллар, евро, фунт же рэнд түрүндөгү сумма). Натыйжада хеджирленген сумма алынуучу бардык активдер (же милдеттенмелер), б.а. жогоруда келтирилген мисалдагы бардык 100 а.б. болууга тийиш:

(a) хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүшүнө жооп иретинде адилет наркы өзгөргөн объекттер болууга; жана

(b) адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын канааттандырышы мүмкүн объекттер болууга, эгер алар хеджирленген катарында өзүнчө аныкталса. Тактап айтканда, ФОЭС (IFRS) 13 талап боюнча төлөнө турган финансылык милдеттенменин адилет наркы (мисалы, талап боюнча төлөнүүчү депозиттер жана мөөнөттүү депозиттердин айрым түрлөрү) сумманы төлөө талап кылынышы мүмкүн биринчи күндөн тартып дисконттолгон талап боюнча төлөнө турган суммадан аз эместигин аныктагандыктан, мындай объект ээси төлөөнү талап кылган эң кыска мөөнөттөн ашкан мезгилде адилет наркты хеджирлөөнү эсепке алуу талаптарын канааттандыра албайт. Жогоруда келтирилген мисалда хеджирленген позиция болуп активдердин суммасы саналат. Ошондуктан мындай милдеттенмелер дайындалган хеджирлөө объектисинин бөлүгү болуп саналбайт, бирок хеджирленген катарында дайындалган активдин суммасын аныктоо үчүн ишкана тарабынан колдонулат. Эгер ишкана хеджирлөөнү каалаган позиция милдеттенменин суммасы болсо, анда дайындалган хеджирлөө объектисин көрсөткөн сумма, мурунку мезгилде ишканадан төлөө талап кылынган ошол милдеттенмелерден айырмаланган белгиленген ставкадагы милдеттенмелердин суммасынан алынышы керек, ал эми AG126(b)-пунктуна ылайык хеджирлөө натыйжалуулугун баалоо үчүн колдонулуучу пайыздык көрсөткүч ушул башка милдеттенмелерден алынган пайыз катарында эсептелет. Мисалы, ишкананын баалоосу боюнча пайыздын ставкаларын кайра кароонун белгиленген мезгилинде ал 100 а.б. суммасында бекитилген ставкадагы милдеттенмеге ээ, анын ичинен 40 а.б. – бул талап боюнча төлөнүүчү депозиттер жана 60 а.б. – бул талап боюнча төлөнбөгөн милдеттенмелер, ошондой эле 70 а.б. өлчөмүндө бекитилген ставкадагы активге ээ. Эгер ишкана 30 а.б. өлчөмүндөгү бүтүндөй нетто-позицияны хеджирлөөнү чечсе, ал 30 а.б. суммасындагы милдеттенмени же талап боюнча төлөнбөгөн милдеттенменин[4] 50 пайызын хеджирленген берене катарында аныктайт.

AG119 Ошондой эле ишкана хеджирленген көлөмдөрдү аныктоо жана 88(a)-пунктунда баяндалган документтер боюнча башка талаптарды аткарат. Пайыздык тобокелдиктер портфелин хеджирлөө үчүн ушул аныктамалар жана документтер хеджирленген сумманы идентификациялоо, ошондой эле хеджирлөө натыйжалуулугун баалоо үчүн колдонулган бардык өзгөрүлмө маанилер боюнча ишкананын саясатын, анын ичинде төмөнкүлөрдү камтыйт:

---

3 Стандарт ишканага колдо болгон квалификациялануучу активдердин же милдеттенмелердин кандай болбосун суммаларын, башкача айтканда ушул мисалда активдердин 0 а.б. менен 100 а.б. ортосундагы кандай болбосун суммаларын аныктоого уруксат берет.

4 30 а.б. ÷ (100 а.б. – 40 а.б.) = 50%

(a) кайсы активдер жана милдеттенмелер хеджирленген портфелге киргизилиши керек жана аларды портфелден чыгаруу үчүн кандай негиз колдонулушу керек;

(b) ишкана пайыздын ставкаларын кайра кароо мөөнөтүн кантип эсептейт, төмөнкүлөрдү кошкондо: алдын ала төлөө боюнча ствкаларды эсептөө негизинде пайыздык ставка боюнча кайсы божомолдор жатат жана ушул эсептөө көлөмдөрүн өзгөртүү негиздери кандай. Бир эле метод хеджирленген портфелге активди же милдеттенмени киргизүү учурунда алгачкы эсептик баалоо үчүн дагы, ушул эсептик көлөмдөрдү кийин кайра кароо үчүн дагы колдонулат;

(c) пайыздык ставканы кайра кароо мезгилдеринин саны жана узактыгы;

(d) ишкана хеджирлөө натыйжалуулугун канча жолу текшерет жана ал AG126-пунктунда аталган эки методдун кайсынысын колдонот;

(e) хеджирлөө объекти катарында аныкталган активдердин жана милдеттенмелердин суммасын аныктоо боюнча ишкана колдонгон методика, натыйжада ишкана AG126(b)-пунктунда сыпатталган методду колдонуу менен натыйжалуулукту текшергенде колдонулуучу пайыздык көрсөткүч;

(f) ишкана AG126(b)-пунктунда сыпатталган методду колдонуу менен хеджирлөө натыйжалуулугун текшергенде, ал пайыздык ставканы кайра кароонун ар бир мезгили үчүн, бардык мезгилдер үчүн чогуу натыйжалуулукту текшереби же экөөнүн тең кандайдыр бир айкалышын колдонобу.

Хеджирлөө мамилесин аныктоо жана документтештирүү үчүн белгиленген саясат ишкананын тобокелдиктерди башкаруу жол-жоболоруна жана максаттарына дал келиши керек. Саясатка каалагандай өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болбойт. Алар рынок шарттарынын өзгөрүшүнө жана башка факторлорго байланыштуу болушу керек, ошондой эле ишкананын тобокелдиктерди башкаруу жол-жоболоруна жана максаттарына негизделүүгө жана аларга шайкеш келүүгө тийиш.

AG120 AG114(e)-пунктунда аталган хеджирлөө инструменти катарында бир туунду инструмент же туунду инструменттердин портфели чыгат, алардын ар бири AG114(d)-пунктунда аныкталган хеджирленген пайыздык тобокелдин таасирине дуушар болгон (мисалы, пайыздык своптордун портфели, алардын ар бири ЛИБОР ставкасынын таасирине дуушар болгон). Мындай туунду инструменттердин портфели бири-бирин компенсациялаган тобокелдик позицияларын камтышы мүмкүн. Бирок, ал чыгарылган опциондорду же таза чыгарылган опциондорду камтышы мүмкүн эмес, анткени стандарт[5] мындай опциондорду хеджирлөө инструменти катарында аныктоого уруксат бербейт (чыгарылган опцион сатып алынган опцион үчүн компенсация катарында аныкталган учурлардан тышкары). Эгер хеджирлөө инструменти пайыздык ставканы кайра кароонун бирден ашык мезгилинин ичинде AG114(c)-пунктунда аныкталган сумманы хеджирлесе, анда ал хеджирлеген бардык мезгилдерге бөлүштүрүлөт. Бирок бардык хеджирлөө инструменти пайыздык ставканы кайра кароонун ушул мезгилдерине бөлүштүрүлүшү керек, анткени стандарт[6] хеджирлөө инструменти жүгүртүүдө калган мезгилдин бөлүгү үчүн гана хеджирлөө мамилесин аныктоого уруксат бербейт.

[5] 77 жана AG94-пункттарын караңыз
[6] 75-пунктту караңыз

AG121 Ишкана AG114(g)-пунктуна ылайык мөөнөтүнөн мурда төлөнүшү мүмкүн болгон беренелердин адилет наркынын өзгөрүшүн баалаганда, пайыздык ставканын өзгөрүшү мөөнөтүнөн мурда төлөнүшү мүмкүн болгон объектилердин адилет наркына эки жол менен таасир тийгизет: пайыздык ставканын өзгөрүшү келишимдик акча каражаттарынын агымдарына жана мөөнөтүнөн мурда төлөнүшү мүмкүн объектиге камтылган мөөнөтүнөн мурда төлөнүүчү опциондун адилет наркына таасир тийгизет. Ушул стандарттын 81-пункту ишканага тобокелдикке жалпы дуушар болгон финансылык активдин же финансылык милдеттенменин бөлүгүн, хеджирлөө натыйжалуулугун баалоого мүмкүн болгон шартта, хеджирлөө объекти катарында аныктоого уруксат берет. Мөөнөтүнөн мурда төлөнүшү мүмкүн беренелер боюнча, 81А-пункту муну пайыздык ставканы кайра кароонун *келишимдик* эмес, *күтүлүүчү* мөөнөттөрүнө карата дайындалган пайыздык ставканын өзгөрүшүнө таандык адилет нарктын өзгөрүшүнүн негизинде хеджирлөө объектисин аныктоо аркылуу уруксат берет. Бирок, хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнүн пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрүнө тийгизген таасири хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн аныктоодо эске алынууга тийиш. Натыйжада, эгер пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрү өзгөрсө (мисалы, күтүлүүчү мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн өзгөрүшүн чагылдыруу максатында) же пайыздык ставканы кайра кароонун иш жүзүндөгү күндөрү күтүлүүчү күндөрдөн айырмаланса, анда бул AG126-пунктунда сыпатталган хеджирлөө натыйжасыздыгына алып келет. Же тескерисинче, (а) хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнөн айырмаланган факторлордун натыйжасы болуп саналган, (b) хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүүлөрү менен байланышпаган жана (c) хеджирленген пайыздык ставка менен байланышкан өзгөрүүлөрдөн ишенимдүү бөлүнгөн пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрүндөгү өзгөрүүлөр (мисалы, пайыздык ставканын өзгөрүшүнүн эмес, демографиялык факторлордун өзгөрүшүнүн же салыктык жөнгө салуунун натыйжасында ачык пайда болуучу мөөнөтүнөн мурда төлөөлөрдүн деңгээлинин өзгөрүшү)  хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн аныктоодо эске алынбайт, анткени аларды хеджирленген тобокелдикке киргизүүгө болбойт. Эгер пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрүнүн өзгөрүшүнө алып келген факторго карата айкын эместик болсо же ишкананын хеджирленген пайыздык ставканын натыйжасы болгон өзгөрүүлөрдү башка факторлордун натыйжасы болгон өзгөрүүлөрдөн ишенимдүү бөлүү мүмкүнчүлүгү болбосо, анда бул өзгөрүү хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында пайда болду деп болжолдонот.

AG122 Стандарт AG114(g)-пунктунда аталган сумманы, башкача айтканда хеджирленген тобокелдикке таандык хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшүн аныктоо үчүн колдонулуучу методду белгилебейт. Эгер ушундай баалоо үчүн эсептик баалоонун статистикалык же башка методу колдонулса, анда жетекчилик хеджирлөө объектисин түзгөн бардык өзүнчө активдерди же милдеттенмелерди баалоодо алына турган ошол натыйжага жакын натыйжа болот деп күтүшү керек. Хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшү хеджирлөө инструментинин наркынын өзгөрүшүнө барабар деп болжолдоо туура эмес.

AG123 89А-пункту, эгер пайыздык ставканы кайра кароонун белгиленген мезгилинде хеджирлөө объекти актив болуп саналса, анын наркынын өзгөрүшү активдердин курамында өзүнчө беренеде чагылдырылышын талап кылат. Же тескерисинче, эгер пайыздык ставканы кайра кароонун белгиленген мезгилинде хеджирлөө объекти милдеттенме болуп саналса, анын наркынын өзгөрүшү милдеттенмелердин курамында өзүнчө берене болуп көрсөтүлөт. Бул

AG114(g)-пункту көрсөткөн өзүнчө беренелер. Өзүнчө активдерге (же милдеттенмелерге) бөлүштүрүү талап кылынбайт.

AG124 AG114(i)-пунктунда хеджирлөө натыйжасыздыгы, тобокелдик менен байланышкан хеджирлөө объектисинин адилет наркынын өзгөрүшү туунду хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүшүнөн айырмаланган деңгээлде пайда болот деп белгиленет. Мындай айырма бир катар себептерден, анын ичинде төмөнкүлөрдөн улам келип чыгышы мүмкүн:

(a) пайыздык ставканы кайра кароонун иш жүзүндөгү мөөнөттөрү күтүлүүчү мөнөттөрдөн айырмаланат же пайыздык ставканы кайра кароонун күтүлүүчү мөөнөттөрү өзгөрөт;

(b) хеджирленген портфелдеги объектилердин наркы түшөт же аларды таануу токтотулат;

(c) хеджирленген инструмент жана хеджирлөө объекти боюнча төлөмдөрдүн күндөрү айырмаланат; жана

(d) башка себептер (мисалы, бир нече хеджирлөө объектилери боюнча ушул объектилер хеджирленген катарында аныкталган базалык ставкадан төмөн ставка боюнча пайыздар чегерилгенде, ал эми бүтүндөй портфель хеджирлөө операцияларын эсепке алуу талаптарын канааттандырбашы үчүн пайда болуучу натыйжасыз жыйынтык анчалык жогору эмес болгондо).

Мындай натыйжасыздык[7] аныкталышы керек жана пайдага же зыянга киргизилүүгө тийиш.

AG125 Адатта хеджирлөө натыйжалуулугу жогорулайт:

(a) эгер ишкана графикти түзүүдө мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн түрдүү мүнөздөмөлөрү менен объектилерди мөөнөтүнөн мурда төлөө режиминде айырмалар эске алына тургандай кылып бөлүштүрсө;

(b) портфелде көп сандагы объектилер болсо. Портфелде болгону бир нече эле объект болсо, эгер объектилердин бири боюнча мөөнөтүнөн мурда төлөө күтүлгөндөн мурда же кийин болсо, анда салыштырмалуу жогорку натыйжасыздык болушу мүмкүн. Же тескерисинче, портфель көп объектилерди камтыса, мөөнөтүнөн мурда төлөө режимин тагыраак болжолдоого болот;

(c) пайыздык ставкаларды кайра кароонун кыска мезгилдери колдонулса (мисалы, пайыздык ставкаларды кайра кароонун 3 айлык мезгили эмес, 1 айлык мезгили). Пайыздык ставкаларды кайра кароонун кыска мезгили пайыздык ставкаларды кайра кароо күнү менен хеджирлөө объекти боюнча төлөмдүн (пайыздык ставкаларды кайра кароо мезгилинин чегинде) жана пайыздык ставкаларды кайра кароо күнү менен хеджирлөө инструменти боюнча төлөмдүн ортосундагы дал келбестик таасирин төмөндөтөт;

(d) хеджирлөө объектисинде өзгөрүүлөрдү чагылдыруу максатында хеджирлөө инструментинин суммасын тез-тез түзөтүүдө (мисалы, мөөнөтүнөн мурда төлөө боюнча күтүүлөрдөгү өзгөрүүлөрдүн натыйжасы).

[7] Ушул контекстте маанилүүлүктүн бүткүл ФОЭСтердегидей эле мааниси колдонулат.

AG126 Ишкана хеджирлөө натыйжалуулугун мезгил-мезгили менен текшерип турат. Эгер пайыздык ставкаларды кайра кароонун эсептик мөөнөттөрү хеджирлөө натыйжалуулугун баалоонун эки күнүнүн ортосундагы аралыкта өзгөрсө, анда ишкана натыйжалуулуктун маанисин эсептейт:

(a) хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүшү менен (AG114(h)-пунктун караңыз) хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүшүнө байланышкан бүтүндөй хеджирлөө объектисинин наркынын өзгөрүүсүнүн ортосундагы айырма катарында (хеджирленген пайыздык ставканын өзгөрүүлөрүнүн мөөнөтүнөн мурда төлөөгө карата камтылган опциондун адилет наркына тийгизген таасирин кошкондо); же болбосо

(b) төмөнкү болжолдуу эсептөөлөрдү колдонуу менен. Ишкана:

(i) хеджирлөө натыйжалуулугу текшерилген акыркы күнгө карата пайыздык ставкаларды кайра кароонун эсептик мөөнөттөрүнүн негизинде пайыздык ставкаларды кайра кароонун ар бир хеджирленген мезгилинде активдердин (же милдеттенмелердин) пайызын эсептейт;

(ii) кайра каралган эсептик көлөмдүн негизинде хеджирлөө объектисинин суммасын эсептөө үчүн ушул пайыздык катышты пайыздык ставкаларды кайра кароонун ушул мезгилинде кайра каралган эсептик көлөмгө колдонот;

(iii) хеджирленген тобокелдик менен байланышкан хеджирлөө объектисинин кайра каралган эсептик көлөмүнүн адилет наркынын өзгөрүшүн эсептейт жана аны AG114(g)-пунктунда баяндалгандай көрсөтөт;

(iv) (iii) пунктунда аныкталган сумма менен хеджирлөө инструментинин адилет наркынын өзгөрүшүнүн ортосундагы айырмага барабар сумманын натыйжасыздыгын тааныйт (AG114(h)-пунктун караңыз).

AG127 Натыйжалуулукту баалоодо ишкана колдонулган активдер (же милдеттенмелер) боюнча пайыздык ставкаларды кайра кароо мөөнөттөрүнүн өзгөрүшү менен жаңы активдердин (же милдеттенмелердин) пайда болушунун ортосундагы айырманы белгилейт жана биринчиси гана хеджирлөө натыйжасыздыгына алып келет. Пайыздык ставкаларды кайра кароонун эсептик мөөнөттөрүндөгү бардык өзгөрүүлөр (AG121-пунктуна ылайык эске алынбагандардан тышкары), колдонулган объектилерди мезгилдер боюнча кайра бөлүштүрүүнү кошкондо, AG126(b)(ii)-пунктуна ылайык мезгилдеги эсептик көлөмдү кайра кароодо, натыйжада хеджирлөө натыйжалуулугун баалоодо эске алынат. Мурда көрсөтүлгөндөй, хеджирлөө натыйжалуулугу таанылгандан кийин, ишкана, хеджирлөө натыйжалуулугу акыркы текшерилген мезгилден тартып пайда болгон жаңы активдерди (же милдеттенмелерди) кошкондо, пайыздык ставкаларды кайра кароонун ар бир мезгилинде суммалык активдердин (же милдеттенмелердин) жаңы эсептик көлөмүн белгилейт жана жаңы сумманы хеджирлөө объектиси катарында жана жаңы пайыздык катышты хеджирленген пайыздык катыш катарында аныктайт. AG126(b)-пунктунда баяндалган жол-жоболор андан кийин хеджирлөө натыйжалуулугун текшерүүнүн кийинки күнүндө кайталанат.

AG128 Нарктын түшүшүнөн же сатуудан келип чыккан суммаларды мөөнөтүнөн мурда төлөө же эсептен чыгаруу күтүлгөндөн мурда жүргүзүлгөндүктөн, башында пайыздык ставкаларды кайра кароонун тигил же бул мезгилине киргизилген объектилерди таануу токтотулушу

мүмкүн. Ушундай болгондо, ишкана таанууну токтоткон беренеге таандык AG114(g)-пунктунда көрсөтүлгөн өзүнчө беренеге киргизилген адилет нарктын өзгөрүшүнүн суммасы финансылык абал жөнүндөгү отчеттон алып салынышы керек жана беренени таануу токтотулганда пайда болгон пайданын же зыяндын курамына киргизилиши керек. Ушул максаттарда ишкана таанууну токтоткон объект пайыздык ставкаларды кайра кароонун кайсы мезгилине (мезгилдерине) киргизилгендигин билүү зарыл, анткени бул пайыздык ставкаларды кайра кароонун кайсы мезгилинен (мезгилдеринен) ушул объектти алып салуу керектигин, натыйжада AG114(g)-пунктунда көрсөтүлгөн өзүнчө беренеден кайсы сумманы алып салуу керектигин аныктоого мүмкүндүк берет. Эгер объект кайсы мезгилге киргизилгенин аныктоого болсо, анда аны таануу токтотулганда ушул мезгилден алып салынат. Бул мүмкүн болбосо, эгер таанууну токтотуу күтүлгүүчү мөөнөттөн жогору болгон мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн натыйжасы болсо, мындай объект эң эрте мезгилден алып салынат же болбосо, эгер объект сатылса же наркы түшсө, системалык жана рационалдуу негизде ишкана таанууну токтоткон объектини камтыган бардык мезгилдерге бөлүштүрүлөт.

AG129 Андан тышкары белгиленген мезгил аяктагандан кийин ишкана таанууну токтотпогон, ушул мезгилге тийиштүү бардык сумма ушул учурда пайдага же зыянга кирет (89A-пунктун караңыз). Мисалы, ишкана пайыздык ставкаларды кайра кароонун үч мезгилиндеги объектилерди пландаштырып жатат дейли. Хеджирлөө үчүн аныкталган көлөмдөрдү мурда кайра кароодо финансылык абал жөнүндөгү отчеттун өзүнчө беренесинде чагылдырылган адилет нарктын өзгөрүшү 25 а.б. өлчөмүндөгү активди билдирген. Бул сумма 7 а.б., 8 а.б. жана 10 а.б. түзгөн тийиштүү 1, 2 жана 3-мезгилдерге киргизилген сумманы көрсөтөт. Хеджирлөө үчүн аныкталган көлөмдөрдү кийинки кайра кароодо 1-мезгилге киргизилген активдер же сатылып кеткен, же башка мезгилдерге кайра пландалган. Ошондуктан ишкана финансылык абал жөнүндөгү отчетто 7 а.б. суммасын таанууну токтотот жана аны пайданын же зыяндын курамында таанайт. 8 а.б. жана 10 а.б. эми тийиштүү түрдө 1 жана 2-мезгилдерге таандык. Ушул калган мезгилдер кийин зарылдыгына карата AG114(g)-пунктунда сыпатталгандай, адилет нарктын өзгөрүү көлөмүнө карата оңдоп-түзөтүлөт.

AG130 Мурунку эки пункттун талаптарын иллюстрациялоо катарында, ишкана портфелдин белгиленген пайызын пайыздык ставкаларды кайра кароонун бардык мезгилдерине бөлүштүрүү менен активдер боюнча график түздү дейли. Ошондой эле ал биринчи эки мезгилдин ар бирине 100 а.б. пландаштырды дейли. Пайыздык ставкаларды кайра кароонун биринчи мезгили аяктаганда, ишкана күтүлгүүчү жана күтүлбөгөн мөөнөтүнөн мурда төлөөлөрдүн натыйжасында 110 а.б. өлчөмүндөгү активдерди таанууну токтотот. Бул учурда AG114(g)-пунктунда көрсөтүлгөн өзүнчө беренеде камтылган, биринчи мезгилге таандык бүтүндөй сумма финансылык абал жөнүндөгү отчеттон алып салынат, ошондой эле экинчи мезгилге таандык сумманын 10 пайызы дагы алып салынат.

AG131 Эгер пайыздык ставкаларды кайра кароо мезгилинде хеджирлөө объекти, тийиштүү активдерди (же милдеттенмелерди) таанууну токтотпостон, азайса, анда AG114(g)-пунктунда көрсөтүлгөн өзүнчө беренеге киргизилген, ушул азаюуга таандык сумма 92-пунктка ылайык амортизациялануугa тийиш.

AG132 Ишкана мурда ФОЭС (IAS) 39га ылайык акча каражаттардын агымдарын хеджирлөө катарында эске алынган, AG114 - AG131-пункттарында баяндалган хеджирленген портфелге болгон ыкмаларды колдонууну каалашы мүмкүн. Ушундай ишкана 101(d)-пунктуна ылайык акча каражаттарынын агымдарын хеджирлөөнүн мурдагы аныктамасын

© ФОЭС Фонду

жокко чыгарат жана ушул пунктта баяндалган талаптарды колдонот. Ошондой эле ал хеджирлөөнү адилет наркты хеджирлөө катарында кайра аныктайт жана AG114 - AG131-пункттарында баяндалган ыкманы кийинки эсептик мезгилдерге карата перспективдүү колдонот.

## Эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү (103 - 108С-пункттары)

AG133 Ишкана ушул стандартка ылайык хеджирлөөнү эсепке алуу критерийлерин канаттандырган хеджирлөөдө (80-пункттун акыркы сүйлөмүндө киргизилген өзгөртүүлөр менен) болжолдонгон ички топтун операциясын 2005-ж. 1-январынан же андан кийинки күндөн башталган жылдык мезгилдин башында (же салыштырмалуу маалыматты кайра эсептөө максатында, мурунку салыштырмалуу мезгилдин башында) хеджирлөө объекти катарында классификациялай алмак. Мындай ишкана 2005-ж. 1-январынан же андан кийинки күндөн башталган жылдык мезгилдин башынан тартып (же мурунку салыштырмалуу мезгилдин башынан тартып) бириктирилген финансылык отчеттуулукта хеджирлөө эсебин колдонуу үчүн ушул классификацияны колдоно алат. Ошондой эле бул ишкана AG99A жана AG99B-пункттарын 2005-ж. 1-январынан же андан кийинки күндөн башталган жылдык мезгилдин башынан тартып колдонууга тийиш. Бирок, 108B-пунктуна ылайык ал алда канча эрте мезгилдердин салыштырмалуу маалыматына карата AG99B-пунктун колдонууга милдеттүү эмес.

© ФОЭС Фонду